СССРдин КОНСТИТУЦИЯСЫ
БИЗДИН ТУРМУШУБУЗДУН
НЕГИЗГИ ЗАКОНУ

Р. ТУРГУНБЕКОВ

# ГРАЖДАНДАРДЫ УКУКТУК ЖАКТАН ТАРБИЯЛООДО СОВЕТТИК КОНСТИТУЦИЯНЫН РОЛУ

СССРдин КОНСТИТУЦИЯСЫ-
БИЗДИН ТУРМУШУБУЗДУН
НЕГИЗГИ ЗАКОНУ

Р. ТУРГУНБЕКОВ

# ГРАЖДАНДАРДЫ УКУКТУК ЖАКТАН ТАРБИЯЛООДО СОВЕТТИК КОНСТИТУЦИЯНЫН РОЛУ

ФРУНЗЕ
КЫРГЫЗСТАН
1981

67. 99(2)0
Т 87

**Тургунбеков Р**

Т 87 Граждандарды укуктук жактан тарбиялоодо Советтик Конституциянын ролу.—Ф.: Кыргызстан, 1981.—82 бет. — (СССР Конституциясы — биздин турмушубуздун негизги закону).

Граждандардын укуктары менен милдеттеринин биримдүүлүгү, алардын бири-бирине ылайык келиши советтик закондордун күчүнүн натыйжалуулугун көп жагынан аныктайт. Граждандарды тийиштүү укуктук тарбиялоо, өнүккөн социалисттик коомдо закондорду туура жүргүзүү — автор тарабынан дал ушул маселелер каралган.

Т $\frac{11002-36}{М\ 451(17)\ 81}$ 81—81.1203020000

34С
ББК67.99(2)0

© «Кыргызстан» басмасы, 1981-ж.

# КИРИШ СӨЗ

Советтик социалисттик укуктун мааниси мында: ал граждандар менен уюмдар кандай иш-аракеттерди жүргүзө ала тургандыгын жана тийиштүүлүгүнө карай кандай иш-аракеттерди жүргүзө албай тургандыгын белгилейт. Укук биздин өлкөбүздө коммунисттик курулуштун эң маанилүү куралы болуп саналат.

Укук айрым юридикалык нормалардан, жүрүш-туруш эрежелеринен турат. Алар бийлик жана башкаруу органдары тарабынан түзүлүп, адамдын, коом менен мамлекеттин турмушунун жана иштеринин ар түрдүү жактарын кучагына алат.

Жаңы адамды тарбиялоо — коммунисттик коомдун адамын тарбиялоо — бөтөнчө маанилүү жана татаал милдет болуп саналат. Бул милдетти аткарууда укуктук жактан тарбиялоого ардактуу орун берилген. Ал юридикалык билимдерди кеңейтип гана тим болбостон, ошону менен бирге адамдарды өздөрүнүн милдеттерине, парыздарына аң-сезимдүү мамиле кылууга үйрөтөт, коомдун жана мамлекеттин турмушунда өзүнүн ролун терең түшүнүүгө жардам берет.

Коммунисттик партия жана Совет мамлекети укуктук тарбиялоого зор көңүл бурууда, анткени ал кылмыштуулуктун алдын алуунун маанилүү факторлорунун бири болуп кызмат кылат жана социалисттик укук сезимин калыптоонун жана укук маданиятын жогорулатуунун шарты, укук тартибин, социалисттик закондуулукту чыңдоонун каражаты болуп саналат.

Социалисттик закондуулукту жана укук тартибин мындан ары чыңдоону КПСС жана Совет мамлекети өзүнүн көп жактуу иштеринде эмгекчилерди укуктук жактан тарбиялоо, советтик закондорду эмгекчилердин эң кеңири катмарына жеткирүү жана бардык мамлекеттик органдардын, ошондой эле ар бир гражданиндин

ошол закондорду так сакташын камсыз кылуу маселесин өздөрүнүн дайыма эң маанилүү милдеттери ктары карап келген.

Биздин өлкөбүздө укуктук жактан тарбиялоо иштерин күчөтүү максатында 1970-жылдын сентябрында эле КПСС БК «Эмгекчилерди укуктук жактан тарбиялоону жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө» токтом кабыл алган, андан кийин 1970-жылы декабрда КПСС БК жана СССР Министрлер Совети «Эл чарбасында укуктук иштерди жакшыртуу жөнүндө»[1] биргелешкен токтом кабыл алышты, мында биздин турмушубуздагы ар кандай бардык терс көрүнүштөргө каршы чечкиндүү күрөш жүргүзүү—коммунисттик курулуштун азыркы учурдагы эң маанилүү проблемаларынын бири болуп санала тургандыгы баса көрсөтүлгөн.

КПССтин XXIV съездинде көрсөтүлгөндөй закондуулукту чындоого мамлекеттик аппарат гана эмес, партиялык уюмдар, профсоюздар, комсомол да милдеттүү, алар эмгекчилерди укуктук жактан тарбиялоо иштерин жакшыртуу үчүн бардык чараларды көрүүлөрү тийиш. Укукту жана закониду кадырлоо ар бир адамдын жекече ишениминие айланууга тийиш. Кандай да болсо закондон четөөгө же аны бузуу аракеттерине жол берүүгө болбойт. Жеке адамдын укуктарын бузууга, граждандардын кадырын кемсинтүүгө эч кимдин акысы жок.

Ошондуктан бардык советтик граждандар закондорду, советтик закон чыгаруунун негиздерин, аны аткаруунун принциптерин жакшы билүүлөрү керек. Бирок иш тигил же бул тартип бузгандык үчүн жоопкерчиликтин чаралары жөнүндө кабардар болуу менен гана чектелүүгө тийиш эмес. Ар бир гражданин биздин коомдун укуктук нормаларынын социалдык себептерин терең түшүнүп, ар бир закон бүткүл коомдун таламдары үчүн да, анын ар бир мүчөсүнүн таламдары үчүн да кызмат кылып жаткандыгын көрүшү зарыл.

КПСС Борбордук Комитетинин Генералдык секретары Л. И. Брежнев Москва шаарынын Бауман районундагы шайлоочулар менен 1974-жылы 14-июнда болгон жолугушууда сүйлөгөн сөзүндө укуктук жактан тарбиялоонун эки жагына көңүл бурган. Биринчиден, граждандардын укуктарын катуу коргоого, кандай гана даражада болбосун зордук-зомбулуктун, мунун ичинде кызмат

[1] СП СССР 1971, № 1, 1 стр.

адамдары тарабынан жасалган ээнбаштыктардын көрүнүштөрүнө жол бербөөгө, экинчиден советтик законДорду, коомдук тартиптин эрежелерин бардык граждандардын эң так сакташына көңүл бурулган.

Коммунисттик курулуштун дүркүрөгөн темптери бүткүл укуктук системаны өркүндөтүүгө, коомдо укуктун ролун жана кадыр-баркын жогорулатууга байланыштуу маселелерге улам терең көңүл бурууну талап кылат.

Партиянын XXV съездине КПСС Борбордук Комитетинин Отчеттук докладында Л. И. Брежнев мындай деп белгилеген: «Биздин коомубуз өз өнүгүүсүндө канчалык жогору көтөрүлгөн сайын, нравалуулуктун социалисттик нормаларынан али кездешип жүргөн четтеп кетүүлөргө чыдоого болбойт. Пайдакордук, жеке менчикчил тенденциялар, хулигандык, бюрократизм жана адамга көңүл кош мамиле кылуу биздин түзүлүштүн мазмунуна карама-каршы келет. Бул өңдүү көрүнүштөргө каршы күрөшүүдө эмгекчилер коллективинин пикирин да, басма сөздүн сын пикирлерин да ынандыруу методдорун да закондун күчүн да — өз карамагыбызда болгон каражаттардын бардыгын толук өлчөмдө пайдалануу зарыл».

«Укук тартибин сактоо боюнча иштерди жакшыртуу жана укук бузууларга каршы күрөштү күчөтүү жөнүндө» КПСС Борбордук Комитетинин 1979-жылы сентябрда кабыл алган токтомунда эмгекчилерди укуктук жактан тарбиялоо боюнча иштерди жакшыртуу зарыл деп табылды. Бул максаттарда маданий-агартуу мекемелеринин эң толук жана натыйжалуу пайдалануу керек. Укук коргоочу органдардын, эмгек коллективдеринин жана коомчулуктун күч-аракеттерин үй-бүлө жана турмуш-тиричилик мамилелеринин негизинде чыгуучу ар түрдүү чыр-чатактарды болтурбай коюуга активдүү багыттап, мында зарыл адептүүлүктү жана көңүл бурууну унутпоо керек. Мектептерде, кесиптик-техникалык окуу жайларында жана башка окуу мекемелеринде, партиялык окуу, экономикалык билим берүү жана комсомолдук саясий агартуу системасында советтик закон чыгаруу негиздерин окуп үйрөнүүнү өркүндөтүү милдети коюлду. Бир жолку саясий күндөрдү өткөрүүдө укуктук темада чыгып сүйлөөлөрдү кароо максатка ылайыктуу болот. Жүрүш-туруш эрежелерин жана коомдук тартипти бузууларга жол бергендердин арасында укуктук жактан тарбиялоо иштерин күчөтүү зарыл. Сот процесстеринин тарбияла-

гыч маанисин жогорулатуу, аларды ишканаларда, курулуштарда, колхоздор менен совхоздордо өткөрүүнү практикалоо керек.

Буга байланыштуу укуктук жактан тарбиялоо мүнөзүндөгү чаралар закондордо жана демократизм менен гуманизмдин принциптерине жык толгон дагы башка закондор менен нормативдик актыларда белгилегендигин эскерте кетүү керек. Мисалы, ССР Союзунун, союздук жана автономиялык республикалардын сот өндүрүшү жөнүндөгү закон Негиздеринде мындай деп айтылган: «Өзүнүн бүткүл ишинде сот СССРдин граждандарын Мекенге жана коммуниздин ишине чын жүрөктөн берилүү духунда, советтик закондорду так жана кыйшаюусуз аткаруунун, социалисттик менчикке сарамжалдуу мамиле кылуунун, эмгек тартибин сактоонун, мамлекеттик жана коомдук милдетке ак ниеттүү мамиле кылуунун, граждандардын укуктарын, ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоонун, социалисттик бирге жашоонун эрежелерин сыйлоонун духунда тарбиялоодо».

Граждандарды укуктук жана адептүүлүк жактан тарбиялоодо Советтик Конституция эң жогорку юридикалык ролду ойнойт, анткени ал советтик граждандарды укуктук жактан тарбиялоонун кебелбес негизи болуп кызмат кылат. Өзүнүн күчүнүн процессинде Советтик Конституция социалисттик дүйнөлүк түшүнүүнү өнүктүрүүгө жана идеологиялык күрөштүн бүткүл жүрүшүнө таасирин тийгизип жатат. 1977-жылдагы СССР Конституциясы бул жагынан өзүнүн бөтөнчө ордун ээлейт. Бул албетте толук түшүнүктүү, анткени өнүккөн социализм адамдын өздүгүн бүткүл коомдук турмуштун борборуна коюп, жаңы адамды калыптоо жана акыр-аягында рухий чөйрө жагынан коммунизмдин жеңиши үчүн бардык зарыл шарттарды түзүп берди.

СССРдин Конституциясында совет адамдарын адептүүлүк жана эстетикалык жактан тарбиялоо, алардын маданиятын жогорулатуу үчүн (27-ст.) духовный байлыктарды сактоодо, көбөйтүүдө жана кеңири пайдаланууда мамлекеттин ролу так белгиленген. Анда советтик конституциялык закон чыгаруу тарыхында «Ар бир адамдын эркин өнүгүшү бардыгынын эркин өнүгүшүнүн шарты дегендикке жатат» (20-ст.) деген терең гумандуу коммунисттик идеал биринчи жолу өзүнүн укуктук көрүнүшүнө ээ болду, мунун бөтөнчө зор идеологиялык мааниси бар.

Өнүккөн социалисттик коомго мүнөздүү келген бардык эң маанилүү рухий жана адептүүлүк байлыктарын белгилөө менен Конституция өзүнүн бүткүл мазмуну менен совет адамынын рухий дүйнөсүнө, идеялык-саясий, граждандык ишеничи боюнча анын дүйнөлүк көз карашына кубаттуу таасир көрсөтүүдө.

Бардык граждандарда жогорку коомдук милдеттин аң-сезимдүүлүгүн, активдүү турмуштук позицияны калыптоого жана өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү менен бирге ал социалдык эгоизмдин ар түрдүү көрүнүштөрүнө каршы чыгат. Мисалы, СССРдин Конституциясында коомдун жана мамлекеттин таламдарын кандайдыр бир тоотпой коюуга, коомдук-пайдалуу эмгектен качуу аракеттерине (60-ст.), башка адамдардын укуктарын жана закондуу таламдарын бузууга, коомго каршы кылмыштарга (65-ст.), мамлекеттик жана коомдук мүлктү уурдоолордун жана ысырап кылуунун фактыларына келишүүчүлүк менен мамиле кылууга жол бербөө жөнүндө айтылган ж. у. с. Демек идеологиялык чөйрөдө Конституциянын күчү граждандарды идеялык-саясий, адептүүлүк жана укуктук жактан тарбиялоо боюнча иштерди системалуу жана ар тараптан жүргүзүү дегендикке жатат.

Эмгекчилерди тарбиялоого Конституциянын активдүү таасири жөнүндө айтканыбызда кеп анын жоболорун өздөштүрүү жөнүндө гана эмес, ошону менен бирге бул жоболорду эмгекте, окуу, үй-бүлөлүк тарбиялоо процессинде, коомдук-саясий иштерде күн сайын турмушка ашыруу жөнүндө да болуп жаткандыгын баса белгилөө керек. Дал ошондуктан коммунисттик адептүүлүктү жана анын эң маанилүү принциптерин калыптоонун негизги багыттарын бекемдөө менен бирге Конституция тарбиялоо иштеринин процессинде колдонууга тийиш болгон каражаттардын системасын да белгилейт. Кеп жалпы мамлекеттик масштабда колдонулуп жаткан каражаттар жөнүндө жүрүп отурат. Буга байланыштуу СССРдин Конституциясында каралган социалисттик демократиянын институттары, калктын кабардар болушун, айкындуулукту кеңейтүү, мамлекеттин жана коомдун иштерин башкарууда граждандардын активдүүлүгүн жогорулатуу (9-ст.), ошондой эле граждандардын укуктарынын, эркиндиктеринин жана милдеттеринин ажырагыс түрдө байланыштуулугун жана биримдүүлүгүн камсыз кылуу (59-ст) өзгөчө мааниге ээ болот.

«Идеологиялык, саясий-тарбиялоо иштерин мындан ары жакшыртуу жөнүндө» КПСС БКнын 1979-жыл 26-апрелдеги токтомунда белгиленип кеткендей, бардык граждандарда коомдук милдеттин жогорку аң-сезимин, укуктар менен милдеттердин ажырагыс түрдө байланыштуулугунун түшүнүгүн калыптоо жана өнүктүрүү партиялык уюмдардын, профсоюздардын, комсомолдун, эмгек коллективдеринин идеялык-тарбиялоо иштеринин эң маанилүү милдети болуп саналат.

Мына ошентип, Конституциянын күчү мамлекеттик-укуктук чөйрөгө гана эмес, ошону менен бирге уюштуруучулук жана идеологиялык чөйрөгө да таасир этет, массалардын чыгармачылыгына жана эмгекчилердин саяий жана укуктук маданиятын жогорулатууга анын тийгизген таасири күчөйт, ошонун өзү менен социалисттик закондуулук чыңдалат.

Социалисттик закондуулуктун негизги белгилери коомдук мамилелерде уюшкандыкты жана тартипти, коомдун мүчөлөрүнүн, мамлекеттик органдардын, чарбалык жана коомдук уюмдардын укуктарын жана закондуу таламдарын кыйшаюусуз сактоону камсыз кылуу боюнча коммунисттик курулуштун милдеттерин чечүүдөгү анын ролуна байланыштуу.

Советтик Конституция бардык граждандарга нагыз демократиялык укуктар менен эркиндикти, ошондой эле тийиштүү милдеттерди аткаруунун мүмкүнчүлүгүн берүү менен бирге аларды ар тараптан өнүктүрүү жана өркүндөтүү үчүн зарыл шарттарды түзүүдө.

Жаңы Конституция советтик граждандардын негизги укуктары менен эркиндиги закондуу түрдө бекемделген негизги үч багытты бөлүп көрсөтөт. Биринчи багыт — бул Конституцияда жарыяланган граждандардын укуктарын жана эркиндиктерин андан ары кеңейтүү; экинчиси — бул советтик граждандардын укуктарын жана эркиндигин ишке ашырууга негиз болгон жаңы конституциялык принциптерди жарыялоо; жана акыркысы — бул жарыяланган укуктар менен эркиндиктердин укуктук гарантияларын кеңейтүү жана чыңдоо болуп саналат.

Ар бир гражданин өзүнө берилген укуктардын жана эркиндиктердин негизинде өлкөнүн экономикалык, саясий жана маданий турмушуна активдүү катышуу, ошондой эле өзүнүн жекече материалдык жана рухий керектөөлөрүн канааттандыруу менен бирге башка граждан-

дардын, коллективдин, коомдун жана жалпысынан мамлекеттин укуктарына карата өзүнүн милдеттерин белгилеген Конституциялык жүрүш-туруш нормаларын эске албай коё албайт.

«Биз өзүбүздүн алдыбызга,— деп айткан жолдош Л. И. Брежнев КПССтин кезектеги XXVI съездин чакырууга арналган КПСС БКнын июнь (1980-ж.) Пленумунда, — өндүрүштүн натыйжалуулугун жана иштин сапатын жогорулатуу сыяктуу зор милдетти коюп отурабыз. Ал дайыма көңүлүбүздүн борборунда болууга тийиш. Илимий-техникалык прогрессти кандай тездетүү керек экендиги жөнүндө мындан ары да ойлонуштуруп, эмгек жана мамлекеттик тартипти чыңдоо, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн ишеничтүү өсүшүн камсыз кылуу зарыл».

Ошондуктан граждандар өзүлөрүнүн конституциялык милдеттерин аткарууга таламдаш болууга тийиш, анткени ушундай шарттарда гана социалисттик коомдун нормалдуу аракеттениши жана прогрессивдүү өнүгүшү, анын ар бир мүчөсүнүн жеке жыргалчылыгынын камсыз кылынышы мүмкүн.

Юридикалык милдеттер граждандардын өздөрүнүн эркине байланыштуу болгон укуктардан айырмалануу менен бирге адамдардын каалоосуна карабастан закондун жоболоруна ылайык так аткарылууга тийиш. Ал эми укуктардан граждандар пайдаланса да болот, пайдаланбаса да болот. Советтик граждандардын, өзгөчө жекече мүнөздөгү укуктарын жана жеңилдиктерин белгилөөчү закон нормалары граждандар тарабынан оңой өздөштүрүлө тургандыгын жана ошондуктан алар укуктук пропаганда үчүн анчалык деле кыйынчылык туудурбай тургандыгын эсте тутуу керек.

Ал эми мамлекет менен коомдун алдында милдеттерди аткаруу жагын ала туран болсок, анда ал белгилүү даражада укуктук тарбиялоо жумуштарын, укуктук пропаганданын каражаттарынын жана методдорунун жардамын талап кылат.

Биздин өлкөбүздөгү коомдук турмуштун практикасы граждандардын укуктарына жана алардын милдеттерине түрдүүчө мамиле кылууга болбой тургандыгын ишеничтүү көрсөтүп отурат, анткени алар коммунисттик курулуштун аң-сезимдүү жана активдүү катышуучусу жагынан алып караганда бирдей даражада болушат.

Ар бир советтик адам анын укугун кеңейтүү, терең-

детүү жана натыйжалуу камсыз кылуу өзүнүн милдеттерине аң-сезимдүү мамиле кылууга аларды ак ниеттүү, туура жана ырааттуу аткарууга байланыштуу экендигин түшүнөт. Ошондуктан советтик граждании күндөлүк турмушта практикалык иштерде өзүнүн укуктарын активдүү пайдалануу менен бирге өзүнүн милдеттерин да тартиптүү уюшкандык менен аткарат. Ошонун өзү менен граждандардын укуктары менен милдеттеринин ырааттуу биримдүүлүгү түзүлөт.

Советтик граждандардын укуктары менен милдеттеринин биримдүүлүгү коомду жалаң укуктары бар же жалаң милдеттери бар адамдарга бөлүүнү билбеген социалисттик мамлекеттин жаратылышынын өзүнөн келип чыгып отурат. Демек укуктар менен милдеттердин биримдүүлүгү социалисттик коомдо адамдын абалы жөнүндө чыныгы түшүнүктү берет.

Мына ошентип граждандардын укуктары менен милдеттеринин биримдүүлүгү, алардын бири-бирине так ылайык келиши советтик закондордун күчүнүн натыйжалуулугун көп жагынан аныктайт, граждандарды укуктук жактан тийиштүү тарбиялоо, өнүккөн социалисттик коомдо аны туура жүргүзүү дегендикке жатат.

Бул китепченин негизги мазмуну дал ушул маселелерге арналган.

# СОВЕТТИК ГРАЖДАНДАРДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК УКУКТАРЫ, ЭРКИНДИКТЕРИ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

В. И. Ленин жана ал түзгөн Коммунисттик партия эмгекчи адамдын эркиндиги үчүн күрөштү элдердин социалдык жана саясий укуктарды, милдеттерди жеңип алуусунун маселелеринен эч качан бөлгөн эмес, анткени аларды адамдын өздүгүнүн эркиндигин билдирүүнүн жана коргоонун каражаттары катарында карашат. Эркиндик жана аны билдирүүчү укуктар менен милдеттер Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын жеңишинин натыйжасында тарыхый окуя катарында пайда болду. В. И. Ленин «Совет мамлекети өзүнүн түзүлүшүнүн алгачкы жылдарында калктын басымдуу көпчүлүгү үчүн кала берсе болжол менен эң мыкты жана демократиялуу деген республикаларда да эч качан болуп көрбөгөн демократиялык укуктар менен эркиндиктерден пайдалануунун чыныгы мүмкүнчүлүгүн түзүп берди».[1]

Коом менен мамлекет кандай болсо, өз граждандары үчүн алар тарабынан билгиленген укуктар менен милдеттердин тарыхый тиби ошондой болот. Социалисттик өлкөлөрдө адам баласынын өнүгүшүнүн процессинде «Милдеттерсиз укуктар болбойт, укуктарсыз милдеттер болбойт»[2] деген принцип салтанат кура турган түзүлүш жарала турандыгы жөнүндө К. Маркстын алдын ала айткандары ордунан чыкты.

Граждандардын укуктары менен милдеттеринин катышын талкуулоонун жана түшүнүүнүн тууралыгына коомдо адамдардын жөндүү жүрүш-турушу, граждандардын закондорду так сакташы, алар тарабынан өз укуктарынын толук пайдаланылышы, ошону менен бирге башка граждандардын алдында, мамлекет жана коом алдында өз милдеттерин аткарышы түздөн-түз байланыштуу. Со-

---

[1] В. И. Ленин, Чыгармалардын толук жыйнагы, 37-т. 439-бет.
[2] К. Маркс жана Ф. Энгельс. Чыг. 16-т., 13-бет.

вет мамлекетинде граждандар кеңири укуктарга жана эркиндиктерге ээ экендиги белгилүү. Граждандардын укуктары менен эркиндиктерине алардын милдеттери жана жоопкерчиликтери ылайык келет. Өздөрүнө жүктөлгөн милдеттер менен бирге укуктар совет адамынын укуктук статусун түзөт[1]. Мына ошентип, граждандардын укуктары менен милдеттеринин биримдүүлүгү жөнүндө советтик укуктун жалпы принциби граждандардын укутарына алардын милдеттеринин ылайык келишин билдирет, ал эми милдеттерсиз укуктар болбойт жана укуктарсыз милдеттер болбойт» деген ураанды милдеттүү адамга укуктуу адамдын койгон талабы маанисинде гана эмес, ошону менен бирге социалисттик коомдо бардык укуктардан пайдаланган ар бир гражданинге өзүнө жүктөлгөн тийиштүү милдеттерди так аткаруу жөнүндө кайрылган талаптын маанисинде да түшүнүү керек.[2]

Баарынан мурда совет адамдарынын эксплуатациядан эркин эмгегин, граждандардын эмгек кылуу укуктарын жана ак ниеттүү эмгектенүү милдеттерин бекемдеген СССР Конституциясынын 14, 40, 60-статьяларын (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 14, 38, 58-статьяларын) алып көрөлү. Бул статьялар коомдук байлыкты, элдин жана ар бир советтик адамдын жыргалчылыгын өстүрүүнүн булагы болуп саналат.

Ошондуктан СССР Конституциясынын 14-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 14-статьясында) «Ар кимден жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге эмгегине жараша» деген формула боюнча эмгектин социалисттик принциби салтанаттуу түрдө жарыяланды, бул статья аркылуу мамлекет эмгектин жана керектөөнүн өлчөмүнө контролдук кылууну ишке ашырып турат, ал эми 60-статьясында СССРдин эмгекке жөндөмдүү ар бир гражданынын ыйык милдети — коомдук пайдалуу иштин өзү тандап алган тармагында ак ниеттүү эмгек кылуу болуп санала тургандыгы закондуу түрдө белгиленген, анда социализмдин тушунда советтик граждандардын укуктары менен милдеттеринин биримдүүлүгүндө турган ошол эле ураандын мазмуну көрсөтүлгөн.

---

[1] В. С. Тадевосян. О единстве прав и обязанностей граждан См. «Проблемы государства и права», 10-чыгарылышы. М., 1975, 98-бет.

[2] В. С. Тадевосян. О единстве прав и обязанностей граждан. См. «Проблемы государства и права», 10-чыгарылышы, М., 1975, 98, 101—102-беттер.

Мисалы, Конституция жогоруда граждандардын эмгекке болгон укугу жөнүндө айтуу менен граждандарга эмгектенүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга мамлекеттин милдеттүүлүгү бул укукка ылайык келе тургандыгын белгилейт. Бирок укуктар менен милдеттердин биримдүүлүгү ушуну менен эле чектелип калбайт. Мында граждаиндин эмгекке болгон укугуна мамлекеттин ага кызмат берүү милдети гана эмес, ошону менен бирге граждаиндин эмгектенүүгө милдеттүүлүгү да ылайык келет.

Мына ошентип бул маселенин мазмуну мында: эмгектенүүгө милдеттүү болбой туруп граждандардын укуктары болбойт жана эс алуу укугуна, карыганда эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкон учурда материалдык камсыздоо укугуна ээ болбой туруп эмгектенүүгө милдеттүүлүк болбойт. Ошондуктан мына ушул бардык укуктарды алар менен тыгыз байланышкан милдеттерден ажыратууга болбойт жана тескерисинче.

Мына ушул айтылгандардын негизинде советтик граждандардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин, ошондой эле советтик граждандардын милдеттерин карап чыкмакчыбыз, анткени укуктук тарбиялоону бардык чаралар менен өнүктүрүү жана укуктук пропаганданы күчөтүү үчүн алардын тарбиялоо жагынан мааниси зор.

## §1. Советтик граждандардын негизги укуктары

СССР Конституциясынын 40-статьясына (Кыргыз ССРинин 38-статьясына) ылайык эмгектенүүгө укук деп санына жана сапатына жараша эмгек акы төлөнүү менен гарантияланган кызмат алууга граждаиндин укугун айтабыз. Негизги Закондун мына ушул формулировкасын ачуу менен эмгекке болгон укуктун мазмуну төмөндөгүлөр экендигин айтууга болот: ар бир гражданин үчүн кесипти эркин тандап алууга, адистик алууга, квалификацияга ээ болууга бирдей мүмкүнчүлүк; өзүнүн жөндөмдүүлүгүнө, даярдыгына жана билимине жараша иш алууга ар ким үчүн бирдей мүмкүнчүлүк; ар бир граждаиндин эмгегин коргоо, мунун ичинде укуктук жактоо чаралары менен коргоо; санына жана сапатына жараша бирдей эмгек үчүн бирдей акы төлөө.

Эмгекке болгон укук жана эмгек кылуу милдети жалпы мүнөздө болот. Бирок алардын ар биринде жалпылуулук түрдүүчө билинет. Эгер жөндөмдүүлүгүнө жа-

раша эмгек кылуу милдети коом тарабынан эмгекке жөндөмдүүлөргө гана жүктөлчү болсо, анда эмгекке болгон укук коомдун бардык мүчөлөрүнө, эмгекке жөндөмдүүлөргө да, ошондой эле эмгек жөндөмдүүлүгү бузулган адамдар менен инвалиддерге да камсыз кылынат. Аларга берилчү кызматтын түрү ден соолугунун абалына жараша белгиленет.

Мисалы, Улуу Ата мекендик согуштун инвалиддерин ишке кабыл алуу үчүн ар бир тармакта дифференциалдуу түрдө жумушчулар менен кызматчылардын жалпы сынын 2 процентине чейинки өлчөмдө бронь калтырылат. Брондун эсебинен жиберилген инвалиддерди кызматка сыноо мөөнөтүсүз эле кабыл алышат. Ишканалардын, курулуштардын, уюмдардын жана мекемелердин жетекчилери инвалиддерди кызматка орноштурууга, аларга иштөө үчүн шарттарды түзүп берүүгө, атайын цехтер менен участокторду уюштурууга, үйдөгү эмгекти пайдаланууга милдеттүү.

I жана II группадагы инвалиддердин эмгеги пайдаланылган ишканаларда, цехтерде, участоктордо иштеген мына ушул адамдарга 6 сааттык жумуш күнү, башкача айтканда жумасына 36 саат белгиленген. Мындай ишканалардын жетекчилери профсоюздар комитеттери менен макулдашып, иштеп жаткан инвалиддерге төмөндөтүлгөн өндүрүү нормаларын белгилей алышат. Профсоюздардын макулдугу жана врачтардын уруксаты менен инвалиддер ченемден ашык иштерге, ошондой эле дем алыш күндөрүндө жана түнкү убакыттарда иштөөгө тартылышы мүмкүн.

Эмгекке болгон укук чарбанын социалисттик системасы, өндүргүч күчтөрдүн кыйшаюусуз өсүшү, эмгек квалификациясын жогорулатуу, кесиптик ориентация жана кызматка орноштуруу системасын өнүктүрүү менен камсыз кылынат.

Советтик граждандар эмгекке болгон укукту ар түрдүү формаларда ишке ашырат. Жумушчулар менен кызматчылар аны мамлекеттик ишканалар менен мекемелердин ишине катышуу менен, колхозчулар — кооперативдик чарбаларда иштөө менен, аскер кызматчылары — Советтер Союзунун Куралдуу күчтөрүнүн катарында кызмат өтөө менен ишке ашырышат. Жумушчулар менен кызматчылардын эмгек мамилелери эмгек договоруна негизделип, түздөн-түз мамлекет тарабынан профсоюздардын катышуусу менен жөнгө салынат, ал эми колхоз

мүчөлөрүнүн эмгеги, анын бүткүл иштери сыяктуу эле, негизинен үлгүлүү Уставга ылайык кабыл алынган колхоздун Уставы менен жөнгө салынат. Колхозчулардын эмгектеги укуктук мамилелери да колхоздордо гана колдонулуучу кээ бир башка актылар менен белгиленет. Алардын эң негизгилери — ички тартиптин эрежелери жана эмгек акы жөнүндөгү жоболор болуп саналат.

Коммунисттик партия жана Совет өкмөтү эмгек акы төлөөнүн формаларын жана системасын өркүндөтүүгө көп көңүл буруп, эмгек өндүрүмдүүлүгүндө, техникалык прогрессти тездетүүдө жана продукциянын сапатын жогорулатууда алардын дем берүүчү ролун эске алышат. Согуштан кийинки мезгилде биздин өлкөбүздө кызмат акынын минималдуу өлчөмү бир нече жолу жогорулап келди: 1956-жылы — айына 27—35 сомго чейин, 1959—1965-жылдарда — 40—45 сомго чейин, 1968-жылы —60 сомго чейин жогорулады. 1972-жылдын аягынан тартып өндүрүш чөйрөсүндө иштеген орточо акы төлөнүүчү жумушчулар менен кызматчылардын кызмат акысын көбөйтүү менен бирге минималдуу кызмат акыны айына 70 сомго чейин жогорлатууну жүргүзүү партиянын XXIV съездинде каралган тогузунчу беш жылдыктын маанилүү социалдык-экономикалык чарасы болуп саналат. Бул чаранын мааниси мында: ал өз кезегинде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана өндүрүштүн натыйжалуулугун көбөйтүүгө, ошондой эле мамлекеттик жана эмгек тартибин чыңдоого бардык чаралар менен көмөк көрсөттү.

Эл чарбасынын өндүрүштүк эмес тармактарында иштеген кызматкерлердин орточо акы төлөнүүчү категорияларынын ставкаларын жана айлыктарын көбөйтүү менен бирге жумушчулар менен кызматчылардын минималдуу эмгек акыларын жогорулатуу элдин жыргалчылыгын мындан ары да өстүрүү жөнүндө коммунисттик партия менен Совет мамлекетинин камкордугунун жаңы көрүнүшү болду.

Бул максатта 1976-жылдын 1-январынан баштап адегенде Четки Түндүктүн, Ыраакы Чыгыштын жана Сибирдин райондорунда кызмат акынын минималдуу деңгели 70 сомго чейин жогорулатылды, башкача айтканда эл чарбасынын өндүрүш тармактарындагы жумушчулар менен кызматчыларга теңештирилди. Эми ал Орто Азия республикаларынын жана Казакстандын, Уралдын, Поволжьенин жана Волга-Вятка районунун эмгекчилерине колдонулууда.

Агартуу, саламаттык сактоо, социалдык камсыздоо, физкультура жана спорт кызматкерлеринин, маданий-агартуу мекемелеринин жана театр-оюн-шоок ишканаларынын, соода жана коомдук тамактануу, материалдык-техникалык жабдуу, өткөрүү жана даярдоо уюмдарынын турак жай-коммуналдык чарба жана калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишканалары менен уюмдарынын персоналынын кызмат акылары жогорулатылды.

Илим-изилдөө мекемелеринин, конструктордук жана долбоорлоо уюмдарынын, эсептегич борборлордун жана башка илимий, илимий тейлөө уюмдарынын, союздук республикалардын министерстволору менен ведомстволорунун, сот менен прокуратуранын, кредит мекемелеринин, мамлекеттик камсыздандыруу жана чарбалык башкаруу органдарынын кызматкерлери да эмгек акынын жаңы системасына которулууда.

Мында налогдор жөнүндө да эске түшүрүү керек. Айына 70 сомго чейин кызмат акы алган бардык жумушчулар менен кызматчылардан налог кармоо токтотулду. 90 сомго чейинки айлыктан налог кармоонун ставкасы да төмөндөтүлдү.

Жөндөмдүүлүгүнө жараша ак ниеттүү жана жогорку өндүрүмдүү эмгек кылуу — биздин турмушубуздун закону, социалисттик экономиканы өнүктүрүүнүн чечүүчү фактору болуп саналат. Биздин эмгегибиз канчалык өндүрүмдүү болсо, биздин коомубуз ошончолук бай болот, ар бир эмгекчинин турмушу ошончолук оокаттуу боло баштайт.

Мына ошентип, эмгекке болгон укук негизги укук болуп саналат, анткени ал граждандарга жашоо каражаттарын берип, жумушсуздуктан, жакырчылыктан гарантиялайт жана чыныгы өздүк жекече эркиндикти камсыз кылат. Эмгекке болгон укук негизги укук болуп саналгандыгынын дагы бир себеби: аны ишке ашырууга турак жай укугун, ден соолукту коргоо укугун, карыганда, ооруп калган учурда жана эмгек жөндөмдүүлүгүнөн ажыраганда материалдык жактан камсыз болуу укугун, билим алуу укугун жана акырында, жеке менчик укугун реализациялоого түздөн-түз байланыштуу.

СССР Конституциясынын 41-статьясына (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 39-статьясына) ылайык эс алуу укугу жумушчулар менен кызматчыларга 41 сааттан ашпаган жумуш жумасын белгилөө, бир катар кесиптер жана өндүрүштөр үчүн кыскартылган жумуш

күнү, түнкү мезгилде иштөөнүн кыскартылган мөөнөтү, жыл сайын төлөнүүчү отпускаларды, жума сайын эс алуу күндөрүн берүү, ошондой эле маданий-агартуу жана ден соолукту чыңдоо мекемелеринин тармактарын кеңейтүү, массалык спортту, физкультураны жана туризмди өнүктүрүү, жашаган жеринде эс алуу үчүн жагымдуу мүмкүнчүлүктөрдү жана бош убактыларын рационалдуу пайдалануунун дагы башка шарттарын түзүү менен камсыз кылынат.

Граждандарга эс алуу укугун камсыз кылуу менен Совет мамлекети Улуу Октябрь Социалисттик революциясынан кийин көп узабай эле узактыгы боюнча эң кыска жумуш күнүн белгиледи. Совет бийлигинин биринчи декреттери менен сегиз сааттык жумуш күнү белгиленген. 1927-жылы жумуш күнүнүн узактыгы жети саатка чейин кыскартылган. Бирок СССРге согуштук кол салуунун коркунучу, агрессорго каршы сокку уруу үчүн өлкөнүн бардык күчтөрүн мобилизациялоонун зарылчылыгы Совет мамлекетин дүйнөлүк экинчи согуштун алдында кайрадан сегиз сааттык жумуш күнүн колдонууга аргасыз кылды. 1960-жылы КПСС-тин XX жана XXI съезддеринин чечимдерине ылайык жумушчулар менен кызматчыларды жети сааттык жумуш күнүнө которуу кайрадан ишке ашырылды, ал эми жер астындагы жумуштарда иштеген көмүр жана кен-руда өнөр жайындагы негизги кесиптердин жумушчулары алты сааттык жумуш күнүнө которулушту. Эмгек шарттары оор бир катар кесиптеги жумушчулар азыркы убакта төрт сааттык жумуш күнүнө которулду.

КПССтин программасында жумасына бир дем алыш күн менен алты сааттык жумуш күнүнө же эки дем алыш күн менен 35 сааттык жумуш жумасына, ал эми жер астындагы жумуштарда жана эмгек шарттары зыяндуу өндүрүштөрдө беш сааттык жумуш күнүнө же 30 сааттык беш күндүү жумуш жумасына өтүү каралган[1].

КПССтин Программасынын талаптарын турмушка ашыруу максатында СССР Жогорку Советинин Президиуму 1967-жылы 4-мартта «Ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жумушчулары менен кызматчыларын эки дем алыш күнү бар беш күндүү жумуш жумасына которуу жөнүндө» Указ жарыялады»[2]. Бул Указ

---

[1] Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын программасы. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1962-ж.

[2] «Ведомость Верховного Совета СССР», 1967-ж. № 11.

турмушка ашырылды. Жумуш шарттары оор кесиптер үчүн жумуш күнү алты саатка чейин, ал эми эмгек шарттары өзгөчө оор цехтерде төрт саатка чейин кыскартылды. Жумуш күнүн жана жумуш жумасын мына ушундай кыскартуу жумушчулар менен кызматчылардын эс алуу убактысын көбөйтүп, билимин, квалификациясын жана жалпы маданиятын жогорулатуу үчүн эң жагымдуу шарттарды түздү.

1968-жылдын 1-январынан баштап КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин 1967-жыл 26-сентябрдагы токтомуна ылайык отпускалары 12 жумуш күнүнө созулган жумушчулар менен кызматчылардын отпускаларынын узактыгы 15 жумуш күнүнө чейин узартылды[1]. Инвалиддердин эмгегин пайдалануу үчүн арналган ишканаларда, цехтерде, участоктордо иштеген Улуу Ата мекендик согуштун инвалиддери үчүн отпусканын өзгөчө тартиби белгиленген. Мисалы, I жана II группадагы инвалиддерге жыл сайын узактыгы 24 жумуш күнүнө созулган отпуск берилет, ал эми III группадагы, ошондой эле үйдө иштеген I жана II группадагы инвалиддерге жыл сайын узактыгы 18 жумуш күнүнө созулган отпуск белгиленген. I жана II группадагы инвалиддердин каалоосу боюнча аларга узактыгы эки айга чейин кызмат акысы сакталбаган отпуска берилиши мүмкүн.

Колхозчулардын жумуш убактысынын жана эс алышынын узактыгы — деп айтылган СССР Конституциясынын 41-статьясында,—колхоздор тарабынан жөнгө салынат. Атап айтканда, колхоз мүчөлөрүнүн жумуш күнү жана эс алуу убактысы айыл чарба артелинин үлгүлүү Уставы аркылуу жөнгө салынат. Анда колхоздогу жумуш күнүнүн узактыгы жана тартиби, дем алыш күндөрүн, жыл сайынкы төлөнүүчү отпускаларды берүүнүн тартиби колхоздун ички тартибинин эрежелери менен белгиленет (25-п.).

Жалпысынан эс алуу укугунун мазмуну төмөндөгүлөрдөн турат: жумуш күнүнүн узактыгын закондуу түрдө чектөөнүн тактыгы, эс алуу жана тамак ичүү үчүн кызматта дем алышты белгилөө, өндүрүштүк гимнастика үчүн убакыт берүү, жума сайынкы жана майрамдык эс алуу күндөрүн белгилөө, төлөнүүчү отпускаларды жыл сайын берүү.

---

[1] «Правда» газетасы, 1967, 27-сентябрь.

КПССтин Программасынын жана СССР Конституциясынын жоболорун өнүктүрүү менен КПСС Борбордук Комитети, СССР Министрлер Совети жана ВЦСПС 1979-жылы 13-декабрда «Эл чарбасында эмгек тартибин мындан ары чыңдоо жана кадрлардын бир жерге токтобой улам бошонуп кетүүлөрүн кыскартуу жөнүндө» токтом кабыл алышты. Бул токтом үзгүлтүксүз иш стажы үчүн кошумча отпуска берилүүчү кызматкерлердин категориясын бир кыйла кеңейтти. Он биринчи беш жылдыкта жыл сайын узактыгы 15 жумуш күндүү отпускадан пайдаланган жана бирикмелердин, ишканалар менен уюмдардын, өнөр жайынын, айыл чарбасынын, курулуштун, транспорттун, байланыштын негизги жана көмөкчү өндүрүштөрүндө, геология-чалгындоо уюмдарында жана гидрометериологиялык кызматтын уюмдарында иштеген бардык жумушчулар менен кызматчыларга үзгүлтүксүз иш стажы үчүн кошумча отпуск берүү каралган.

Кошумча отпусканын узактыгы төмөндөгүдөй белгиленген: иштин алгачкы үч жылы үчүн —бир күн, кийинки ар бир эки жыл үчүн бир күндөн кошумча отпуска берилет. Бул учурда кошумча отпусканын жалпы узактыгы үч күндөн ашпоого тийиш. Көрсөтүлгөн отпусканы берүү үчүн зарыл болгон иш стажы 1980-жылдын 1-январынан баштап эсептелинет.

Социалисттик мамлекет ар бир адамдын жана жалпысынан бүткүл коомдун ден соолугун коргоо жана дайыма жакшыртуу жөнүндөгү камкордукту өз мойнуна алат. Буга байланыштуу СССР Конституциясы 42-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 40-статьясында) СССРдин граждандары ден соолугун коргоого укуктуу экендигин белгилеген.

Бул укук акысыз квалификациялуу медициналык жардам көрсөтүү (мамлекеттик саламаттык сактоо мекемелери тарабынан), граждандардын ден соолугун чыңдоо жана дарылоо үчүн мекемелердин тармагын кеңейтүү, коопсуздук техникасын жана өндүрүш санитариясын өнүктүрүү жана өркүндөтүү, кеңири чараларды жүргүзүү, курчап турган чөйрөнү жакшыртуу боюнча чаралар, өсүп келе жаткан муундардын ден соолугу жөнүндө өзгөчө камкордук көрүү, мунун ичинде окууга жана эмгекке тарбиялоого байланышпаган балдар эмгегине тыюу салуу, оорулардын алдын алууга жана аларды төмөндөтүүгө, граждандардын узак өмүрлүү активдүү турму-

шун камсыз кылууга багытталган илимий изилдөөлөрдү кеңири кулач жайдыруу аркылуу камсыз кылынат.

«Социалдык милдеттердин арасында совет адамдарынын ден соолугу жөнүндө камкордук көрүүдөн маанилүү милдет жок»— деп айткан Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде.

СССР Конституциясынын 43-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 41-статьясында) граждандардын карыганда, ооруп калган учурда, эмгек жөндөмдүүлүгүн толук жана анча-мынча жоготкондо, ошондой эле багуучу кишисинен ажыраганда алардын материалдык камсыз болуу укугу закон тартибинде бекемделген.

Бул укук жумушчуларды, кызматчыларды жана колхозчуларды социалдык камсыздоо, убактылуу эмгекке жөндөмсүздүк боюнча пособиелер, карыгандык, инвалиддик боюнча жана багуучу кишисинен ажыраган учурда мамлекеттин жана колхоздордун эсебинен пенсия төлөө, анча-мынча эмгек жөндөмдүүлүгүн жоготкон граждандарды ишке орноштуруу, карыган граждандар жана инвалиддер жөнүндө камкордук көрүү, социалдык камсыздоонун дагы башка формалары менен гарантияланат.

Материалдык камсыздоо укугун материалдык жардамга муктаж болгондорду гана коомдун эсебинен камсыз кылуу деп түшүнүүгө болбойт. Анын мазмуну бир кыйла кеңири жана ар түрдүү. Ал мындан турат, биринчиден мунун өзү — бүткүл калкты камсыздоо: акысыз медициналык жардам көрсөтүү, балдар үчүн мамлекеттик пособие берүү, карыгандар менен инвалиддердин үйлөрүн күтүү, аскер кызматчыларын пенсиялык камсыздоо, балдар мекемелерин күтүүгө кошумча каражат бөлүү ж. б.. экинчиден мунун өзү жумушчулар менен кызматчыларды, алардын үй-бүлө мүчөлөрүн мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун негизинде камсыздоо, үчүнчүдөн мунун өзү борборлоштурулган союздук фондулардын каражаттарынын эсебинен колхоздун мүчөлөрүн камсыздоо болуп саналат.

Камсыздоонун мына ушул бардык түрлөрүндө пенсиялар өзгөчө орунду ээлейт. СССРде социалдык камсыздандыруу эмгекчилерге пенсиянын төмөндөгүдөй түрлөрүн төлөөнү камсыз кылат: карыгандык боюнча, көп жылдардан бери эмгек кылгандыгы үчүн, инвалиддүүлүк боюнча, багуучу кишисинен ажыраган учурда, ооругандык боюнча боюнда болгондугу жана төрөт боюнча,

эмгекке убатылуу жөндөмсүздүк боюнча берилүүчү пособиелер ж. б.

1956-жылы «Мамлекеттик пенсиялар жөнүндө» СССР Закону кабыл алынган болучу, бул Законго ылайык пенсия алууга укуктуу адамдардын пенсияларынын минималдуу өлчөмдөрү бир кыйла көбөйдү жана ал адамдардын чөйрөсү кеңейди. 1968-жылдын 1-январынан баштап жумушчулар, кызматчылар жана колхозчулар үчүн карыгандык боюнча пенсия дайындоонун жалпы жашы белгиленди. Карыгандык боюнча пенсия алуу укугуна эркектер 60 жашка толгондо, аялдар — 55 жашка чыкканда, биринчилеринин иш стажы кеминде 25 жыл экинчилериники — 20 жыл болгондо ээ болушат.

Бизде эмгекчилердин кээ бир категориялары үчүн маанилүү жеңилдиктер белгиленген. Биринчи кезекте жер астындагы жумуштарда, ысык цехтерде жана башка зыяндуу өндүрүштөрдө иштеген эркектер үчүн жаштык ценз 50 жашка чейин жана иш стажы 20 жылга чейин төмөндөтүлгөндүгүн белгилеп кетүү керек.

СССРди коргоодо же аскер кызматынын дагы башка милдеттерин аткарууда жарадар, контузия же майып болуунун натыйжасында же фронтто болгондугуна байланыштуу ооруга чалдыгышынын натыйжасында инвалид болгон аскер кызматчыларынын арасынан инвалиддерге, Четки Түндүктүн райондорунда кеминде 15 календардык жыл, ал эми Четки Түндүктүн райондоруна теңештирилген жерлерде кеминде 20 календардык жыл иштеген жумушчуларга, кызматчыларга жана колхозчуларга, беш жана андан көп бала төрөп, аларды сегиз жашка чейин тарбиялаган жана иш стажы 15 жыл болгон аялдарга пенсия дайындоонун жаштык цензи беш жылга төмөндөтүлгөн.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 7-марттагы Указына ылайык айыл чарбасында жана эл чарбасынын дагы башка тармактарында тракторист-машинист болуп иштеген механизатор аялдарга, ошондой эле курулуш, жол жана жүк жүктөө, жүк түшүрүү машиналарынын машинисттери болуп иштеген аялдарга карыгандык боюнча пенсия дайындоо үчүн жаш СССР Министрлер Совети тарабынан бекитилген өндүрүш жана кесип тизмесинде 5 жылга төмөндөтүлгөн.

СССР өкмөтү тарабынан бекитилген тизмеге ылайык айыл чарба өндүрүшүндө тракторист-машинист болуп иштеген аялдар (чиркегич жана стационардык установ-

каларда дайыма иштегендерден башка), ошондой эле тракторлордун базасында монтаждалган курулуш, жол, жүк жүктөө, жүк түшүрүү жана бир катар дагы башка машиналардын машинисттери (айдоочулары), экскаваторлордун машинисттери, трактористтер жана башка өндүрүштөрдө тракторист-машинисттер болуп иштеген аялдар пенсиялык камсыздоо жагынан жеңилдик алуу укугуна ээ болушту.

Механизатор аялдар жалпы иш стажы кеминде 20 жыл, мунун ичинде ушул кесип боюнча кеминде 15 жыл болгондо жеңилдик шарттарда пенсия алууга укутуу. Жеңилдик шарттарында пенсиялык камсыздоонун көрсөтүлгөн тартиби 1975-жылы 1-апрелден баштап күчүнө кирди.

Советтик пенсиялык камсыздоону укуктук жактан жөнгө салуу бир гана нормативдик акт менен эмес, көптөгөн актылар менен ишке ашырылат: мамлекеттик пенсия жөнүндөгү Закон жана мамлекеттик пенсияларды дайындоонун жана төлөөнүн тартиби жөнүндөгү Жобо, колхоздордун мүчөлөрүнө берилүүчү пенсиялар жана пособиелер жөнүндө Закон, колхоздордун мүчөлөрүнө пенсияларды дайындоонун тартиби жөнүндөгү Жобо жана илим кызматкерлерин пенсиялык камсыздоо жөнүндөгү Жобо ж. б. менен жөнгө салынат. Бул актылардын ар бири өзүнүн конкреттүү мазмуну менен мүнөздөлөт, алар белгилүү чөйрөдөгү адамдарга колдонулуп, алар үчүн пенсиялык укук мамилелери жагынан укуктуулуктун тийиштүү көлөмүн белгилейт.

Өтө карыган граждандарды, инвалиддерди жана багуучу кишисинен ажыраган адамдарды материалдык камсыздоо жөнүндө партиянын программалык жобосу колхоздордун мүчөлөрүнө да тиешелүү. Колхозчуларды социалдык камсыздоо «Колхоздордун мүчөлөрүнө берилүүчү пенсиялар жана пособиелер жөнүндө» СССРдин 1964-жыл 15-июндагы Законуна, СССР Жогорку Советинин Президиумунун «Пенсиялык камсыздоону мындан ары жакшыртуу жөнүндөгү» 1967-жыл 26-сентябрдагы, «Колхозчуларды пенсиялык камсыздоону мындан ары жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндөгү» 1971-жыл 3-июндагы Указдарына жана башка укуктук актыларга ылайык ишке ашырылат. «Колхоздун мүчөлөрү,— деп айтылган Үлгүлүү Уставдын 39-бөлүмүндө,— колдонулуп жаткан закондорго ылайык колхозчуларды социалдык камсыздоонун борборлоштурулган союздук фонду-

сунун каражаттарынын эсебинен карыгандык, инвалиддүүлүк боюнча, багуучу кишисинен ажыраган учурда пенсия, ал эми аялдар, мындан башка, боюнда болгондук жана төрөт боюнча пособие алышат».

«Колхоздордун председателдерин, адистерин жана механизаторлорун мамлекетик пенсиялык камсыздоо жана социалдык камсыздандыруу жөнүндө» СССР Министрлер Советинин токтомуна ылайык жумушчулар менен кызматчылар жана алардын үй-бүлөлөрү үчүн каралган тартиптеги нормалар боюнча мамлекеттик пенсияларды алууга колхоздук жетекчилер, адистери жана механизаторлор, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрү укуктуу. Ал эми «Колхоздордо мектепке чейинки балдар мекемелеринин тармагын мындан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө» СССР Министрлер Советинин 1973-жыл 17-марттагы токтомуна ылайык мамлекеттин социалдык камсыздоо колхоздордун жогорку жана атайын орто билими бар мектепке чейинки балдар мекемелеринин башчыларына, алардын тарбиялоочуларына, музыкалык жетекчилерине жана медициналык кызматкерлерине (колхоз мүчөлөрүнө) таратылды[1]

Колхозчуларга жумушчулар менен кызматчылар үчүн белгиленген пенсияларды дайындоонун тартиби да таркатылды. Колхозчуларга карыгандык боюнча пенсиянын өлчөмү пенсияга кайрылган жылдын алдындагы акыркы 10 жылдын катары менен каалаган беш жылы ичиндеги (пенсияга кайрылгандын тандап алуусу боюнча) орточо кызмат акысынан процент менен белгиленет. Колхоздордун мүчөлөрүнө карыгандык боюнча пенсиялар кызмат акысы айына 35 сом болгондо — 100%, 35 сомдон 50 сомго чейин — 85%, 50 сомдон 60 сомго чейин — 75%, 60 сомдон 80 сомго чейин — 65%, 80 сомдон 100 сомго чейин — 55%, 100 сомдон жогору болгондо — 50% белгиленет. Карыгандык боюнча пенсиянын максималдуу айлык өлчөмү 120 сом болуп белгиленди[2].

Мамлекеттик пособиелерге өтүү менен көп балалуу үй-бүлөлөргө жана жалгыз бой энелерге азыркы убакта берилүүчү жардамдан тышкары Совет мамлекети аз камсыз кылынган үй-бүлөлөр жөнүндө дайыма камкордук көрсөтүп жаткандыгын айтуу керек. Мисалы, «Аз камсыз кылынган үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн посо-

---

[1] СП СССР, 1973, № 8, 34 ст.
[2] СП СССР, 1973, № 25, 143 ст.

биелерди киргизүү жөнүндө» СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 25-сентябрдагы Указына ылайык калк кошумча пособие алышат[1]. Балдар үчүн пособиелер жумушчулар менен кызматчылардын, колхоз мүчөлөрүнүн, аскер кызматчыларынын, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын, училищелердин, кадрларды даярдоо боюнча мектептердин жана курстардын окуучуларынын, пенсионерлердин үй-бүлөлөрүнө дайындалат жана төлөнөт.

Үй-бүлө составында балдарга пособие алуу укугун аныктаган кезде күйөөсү, аялы, алардын карамагындагы 18 жашка жетпеген же бала чагынан I жана II группадагы инвалид катарында пособие алуучу мындан улуу жаштагы балдары, ошондой эле жубайлары менен бирге жашаган алардын эмгекке жарамсыз ата-энелери, эгер алар пенсия албаса жана закон боюнча багууга милдеттүү башка адамдары болбосо, эске алынат. Мөөнөттүү кызматтагы аскер кызматчылары, мунун ичинде аскердик-курулуш отряддарында кызмат өтөп жаткандар үй-бүлөнүн составында эске алынбайт.

Пособиени 8 жашка чыкканга чейин ар бир балага айына 12 сом өлчөмүндө үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө орточо жалпы киреше айына 50 сомдон ашпаган үй-бүлөлөргө дайындоо жана төлөө каралган. Үй-бүлөнүн орточо жалпы кирешесин аныктаган кезде кызмат акылар, сыйлыктар, колхоздун коомдук чарбасында иштегендиги үчүн эмгек акылар, пенсиялар, пособиелер, стипендиялар жана башка акчалай төлөөлөр, ошондой эле жеке көмөкчү чарбадан алынган кирешелер эске алынат.

Энесине балдары үчүн пособиелер анын иштеген же окуган жери боюнча дайындалат. Эгер энеси иштебесе жана окубаса, анда пособие энесине күйөөсүнүн иштеген, кызмат кылган же, окуган жери боюнча дайындалат. Эмгекке жарамдуу ата-энесинин экөө тең иштебеген үй-бүлөгө балдары үчүн пособиелер дайындалбайт. Балдар үчүн көрсөтүлгөн пособиелерди төлөө 1974-жылдын 1-ноябрынан баштап киргизилди.

Колхозчулар үчүн социалдык камсыздандыруу киргизилгендиги жөнүндө белгилеп кетүү керек, ал колхозчулардын Бүткүл союздук Үчүнчү съездинин чечимине ылайык эмгек акы фондусуна карата 2,4 процент өлчө-

---

[1] «Ведомости Верховного Совета СССР», 1974, № 40, 663 ст.

мүндө колхоздордун отчислениелеринин эсебинен түзүлөт. Союздук колхоздор Совети 1970-жылдын 1-апрелинен баштап колхоздун мүчөлөрүнө борборлоштурулган фондунун эсебинен эмгекке убактылуу жөндөмсүздүк боюнча, баланын төрөлгөндүгү, сөөк коюу боюнча пособиелер, ошондой эле санаторийлерге, эс алуу үйлөрүнө, пансионаттарга, туристтик базаларга жана пионер лагерлерине (Үлгүлүү Уставдын 40-п.) путевкалар бериле тургандыгын белгиледи. СССР Министрлер Совети жана ВЦСПС колхоздордун мүчөлөрүнө ооругандык баракчасы жумушчулар менен кызматчылар үчүн каралган тартипте дарылоо мекемелери тарабынан берилет.

Эмгекке убактылуу жарамсыздык боюнча пособие үзгүлтүксүз иш стажысы 3 жылга чейин болгондо кызмат акынын 50 проценти өлчөмүндө, 3 жылдан 5 жылга чейин —60%, 5 жылдан 8 жылга чейин —70%, жана 8 жылдан ашканда 100% төлөнөт. Эмгекте майып болгондугунун жана кесиптик ооруга чалдыгышынын натыйжасында эмгекке убактылуу жарамсыздык боюнча, ошондой эле Улуу Ата мекендик согуштун иштеп жүргөн инвалиддерине пособие үзгүлтүксүз иш стажысына карабастан кызмат акынын 100 проценти өлчөмүндө берилет.

Эмгекке убактылуу жарамсыз болгон мезгилде жумушчулар менен кызматчыларды камсыздоону мындан ары жакшыртуу максатында 1976-жылдан баштап карамагында 16 жашка жетпеген үч жана андан көп балдары бар жумушчулар менен кызматчыларга эмгекке убактылуу жарамсыздык боюнча пособие үзгүлтүксүз иш стажысына карабастан кызмат акысынын 100 проценти өлчөмүндө төлөнөт.

Жеңилдик шарттарда ушул пособиени төлөөнүн жаңы эрежеси толук кызмат акынын өлчөмүндө көрсөтүлгөн пособиени алуу үчүн зарыл болгон үзгүлтүксүз иш стажысы мурдагы кызматынан төмөндөгүлөр үчүн бошотулгандыгына байланыштуу сакталбаган жумушчулар менен кызматчыларга колдонулбайт: жүйөлүү себептерсиз прогул жасагандык (мунун ичинде кызматка ичип келгендик) үчүн, кызматтык милдеттерин системалуу түрдө аткарбагандык үчүн, тийиштүү ишин улантууга мүмкүндүк бербей турган соттун өкүмүнүн закондуу күчүнө киришине байланыштуу, акча же товардык байлыкты түздөн-түз тейлеген кызматкерге

администрация тарабынан ишенич көрсөтүлбөй калгандык үчүн же тарбиялоо милдетин аткарып жаткан кызматкер өзүнүн кызматтык абалына ылайык келбеген аморалдык адепсиздик кылгандыгы үчүн, ошондой эле профсоюз органынын талабы боюнча же эгер кызматтан бошотуу баш ийүүчүлүк тартибинде берилүүчү дисциплинардык жаза катарында же тартип жөнүндөгү уставдарга ылайык колдонулган болсо жана кызматкер закондо иштеп бошотуу каралган дагы башка кылыктарды иштегендик үчүн.

Туберкулез менен ооругандыкка байланыштуу инвалид деп табылган жумушчулар менен кызматчыларга бул оорусу күчөгөн кезде эмгекке убактылуу жарамсыздык боюнча пособие катары менен 4 айга чейин жана календардык жылда 5 айга чейин төлөнөт.

Мына ошентип биздин өлкөбүздө социалдык камсыздоо системасы үзгүлтүксүз өркүндөтүлүүдө. Алсак, өндүрүштө кадрларды бекемдеп калуу максатында КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин жана ВЦСПСтин 1979-жыл 13-декабрдагы токтому үзгүлтүксүз иш стажысы үчүн пенсияларга кошулуучу үстөктү көбөйтүүнү максатка ылайыктуу деп тапты. Буга байланыштуу СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл 7-январдагы Указына ылайык СССРдин «Мамлекеттик пенсиялар жөнүндөгү» Законуна тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилди.

Бул өзгөртүүлөрдүн негизинде үзгүлтүксүз иш стажысы үчүн пенсияларга кошулуучу үстөктүн өлчөмү 10 проценттен 20 процентке чейин көбөйтүлөт. Мындай үстөк бир катар шарттар болгондо төлөнөт. Атап айтканда, эгер жумушчу же кызматчы колдонуудагы закондор боюнча жалпы иш стажысы үчүн пенсияга кошумча үстөк алууга укуктуу болуп, мында ал бир эле ишканада, мекемеде, уюмда кеминде 25 жыл үзгүлтүксүз иштеген болсо, мындай учурларда пенсиянын он процентке чейинки чегинде кошумча үстөк пенсиянын белгиленген максималдуу көлөмүнөн тышкары белгиленет.

«Мамлекеттик пенсиялар жөнүндө» СССРдин 1980-жыл 7-январда өзгөртүлгөн Законуна ылайык бардык кошумча үстөктөрү менен кошо пенсиялар кызмат акынын жүз процентинин чегинде дайындала тургандыгы, бирок пенсиянын максималдуу өлчөмүнөн ашпоого тийиш экендиги белгиленген. Бирок бул чектөөлөр бир эле ишканада үзгүлтүксүз иш стажысы үчүн пенсияга ко-

шумча үстөк белгиленген кызматкерлерге колдонулбайт.

Пенсиялык закондордо аталып өткөн өзгөртүүлөр 1983-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирет. Алар жаңы эрежени күчүнө киргизүү күнүнө карата, башкача айтканда 1983-жылдын 1-январына карата жумушчу же кызматчы катарында иштеген адамдарга пенсия дайындоонун жана кайрадан эсептөөнүн учурларына колдонулат.

Мына ушулардын бардыгы совет элинин жыргалчылыгын мындан ары жогорулатуу жөнүндө Коммунисттик партия менен Совет өкмөтүнүн камкордугунун ачык-айкын далили болуп саналат.

Буга байланыштуу Ысык-Көл областынын Тоң районундагы К. Маркс атындагы колхоздун колхозчусу, баатыр-эне А. Маматбекованын айткан пикирлерин келтирүү кызык, ал үй-бүлөнүн бюджетин кандай бөлүштүрүү керек экендигин айтуу менен мындай деп жазат: «Менин үй-бүлөм чоң. Күйөөм — Карл Маркс атындагы колхоздун зоотехниги, өзүм — колхозчумун, атам — өндүрүш ветераны, колхоздук пенсионер. Биздин он бир балабыз бар. Улуулары мектепте окушат, эң кенжелери селодогу балдар бакчасына барышат. Анын үстүнө аларды багууга көп балалуу үй-бүлө болгондуктан бизден минималдуу акы—ар бир бала үчүн 4—5 сом гана алышат, ал эми мамлекетке аларды багуу жана тарбиялоо бир далай кымбатка түшө тургандыгы түшүнүктүү. Биздин ай сайынкы кызмат акыбыз 400 сомго жакынды түзөт, буга балдар үчүн пособиени жана короо алдындагы чакан чарбадан алынуучу кирешени кошуу керек—бардыгы болуп 500 сомго жакын. Бул көппү же азбы?

Капиталисттик өлкөлөрдө бардыгына: медициналык жардам, мектепте окугандык, китепканадан пайдалангандык жана башкалар үчүн акы төлөөгө туура келе тургандыгын биз бардыгыбыз билебиз. Өзүбүздүн бюджетибиздин мына ушундай нерселерге ысырап болбогонуна бактылуубуз. Ак-Терек сельсоветинин беш селосунун ар биринде акысыз китепкана бар, менин балдарым алардын биринен пайдаланышат. Жыл сайын жайында алар Ысык-Көлдөгү пионер лагерлерине барып келишет, мен өзүм да бир нече жолу жеңилдик путевкаларынан пайдаландым, жергиликтүү эс алчу жайларга барып жүрдүм. Жакында эле бизге ссуда берген колхоздун жардамы менен беш бөлмөлүү үй куруп алдык, аны

азыркы үй-эмеректери менен жабдып көркүнө келтирдик. Кээде жумуштан чарчап үйүнө келгенинде үйдүн ичи жайнап толуп турганын көрүп чаалыкканыңды сезбей да аласың. Дагы да мыкты иштегиң келет, күн сайын баа жеткис жыргалчылыктан пайдалангандыгың үчүн мамлекетке чын жүрөктөн алкыш айткың келет»[1].

Биздин өлкөбүздө медициналык тейлөөнү белгилөө советтик граждандардын ден соолугун коргоонун өбөлгөлөрүнүн бири болуп саналат. Мисалы, республиканын сегизинчи шайланган Жогорку Советинин биринчи сессиясында 1971-жылы июлда кабыл алынган Кыргыз ССРинин Саламаттык сактоо жөнүндө Законунда Граждандарга мамлекеттик саламаттык сактоо мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү бардыгына бирдей акысыз медициналык жардам менен камсыз кылына тургандыгы көрсөтүлгөн. Анда калктын ден соолугун коргоо бардык мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин милдети болуп санала тургандыгы айтылган. Ошондой эле граждандар өздөрүнүн ден соолугуна жана коомдун башка мүчөлөрүнүн ден соолугуна этияттык менен мамиле кылууга тийиш экендиги белгиленген. Кесиптик милдеттерин бузган медициналык жана фармацевтик кызматкерлер советтик закондорго ылайык жоопко тартылат.

Мына ошонтип советтик граждандар өзүнүн келечеги үчүн кабатыр болушпайт. Алар карыганда, ооруп калганда болсун, эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкондо болсун багуусуз калат экенмин деп чочулашпайт. Совет мамлекети аларга бейкут карылыкты камсыз кылып, ден соолукту коргоо үчүн бардык шарттарды түзүп берүүдө.

Буга байланыштуу курскилик жумушчу слесарь П. Скобеевдин айткан пикирлерин келтирүү мүнөздүү, ал «Известия» газетасынын редакциясына жиберген катында мындай деп жазат: «Кырк беш жашымда мен катуу ооруп калдым. Мени Щетинск ооруканасындагы өпкө хирургиясы бөлүмүнө жаткырышты. Мени эң сонун врачтар, өз ишин жакшы билген адистер дарылашты. Ооруканада мен бир ай жаттым. Албетте, акысыз. Мына ушул убакыттар үчүн профсоюз уюму мага дарылоо пособиесин төлөп беришти. Андан кийин мен Крымдагы «Сосняк» санаторийине путевка алдым, андан кийин

[1] «Советская Киргизия» газетасы, 1976, 24-февраль.

көп узабай эле Ялтадагы Чехов атындагы санаторийге дагы бир путевка беришти.

Ооруканада жана санаторийлерде дарылануу үчүн сексен сутка убакыт жумшалды. Мына эми калем алып эсептеп көрөлү. Менинкиндей ооруну дарылоочу санаторийде бир койка-орун суткасына жети сомго түшөт. Мунун өзү 560 сом. Бюллетендер боюнча жана профсоюз жагынан жардам берүү иретинде 380 сом төлөп беришти. Бардыгы болуп 940 сом төлөштү. Акысыз дарылар, препараттар, медсестралардын эмгектери, ар түрдүү процедуралар, жабдуулар — мына ушулардын бардыгы да бир далай акча эмеспи.

Ал эми мындай жеңилдиктерден пайдаланган жалгыз мен эмесмин да. Мени менен кошо «Сосняк» санаторийинде Чукотканын бугу багуучулары, Сахалиндин балыкчылары, Сибирдин токойчулары, Донбасстын шахтерлору дарыланышып күч алышты. Ар түрдүү адамдар, ар түрдүү кесиптер, мүнөздөр... Бирок ар бир тагдырга бирдей көз караш менен бардыгы жөнүндө биздин мамлекетибиз камкордук көрүүдө. Ооба, биз буга көнүп калганбыз, ошондуктан, акысыз медициналык жардамды кадыресе иш катарында баалайбыз.

Адам жакшылыкка тез көнөт. Ошондой болсо да бул жакшылыкты чындап сезүү жана жыйынтык чыгаруу үчүн мунун үстүнөн кез-кезде ой жүгүртүү артык болбойт. Ал эми мен өзүм үчүн мына мындай жыйынтык чыгардым: эмгекчилер жөнүндө кам көрүүгө каражатын аябаган биздин мамлекетибиз дагы да байысын үчүн ого бетер мыкты иштөө керек»[1]. Дал ошондуктан биздин өлкөбүздө эмгек жана эмгек адамдары закондуу түрдө кадыр-баркка жана ыраазылыкка ээ болуп отурат. Эмгек — бул социалисттик Мекенибиздин байлыгынын жана күч-кубатынын башкы булагы болуп саналат. «Эмгекчи», «мээнеткеч», «жумушчу адам» деген сөздөр бизде сыймык менен айтылат.

Бардык замандарда адам баласы өзүнө үй куруп келген, ыңгайлуу турмуш шарттарын түзүү жөнүндө камкордук көргөн. Бирок капитал өкүм сүргөн жерде азыр да кескин айрымачылыктар үстөмдүк кылууда: байлар үчүн дворецтер, эмгекчи эл үчүн — кепелер. Бул абалдан кутулуунун жолун В. И. Ленин көрсөтүп берди, ал жеке менчикти жок кылып, массалык курулушту өнүктүрүү

[1] «Известия» газетасы, 1975, 22-февраль.

менен анчалык кымбат эмес жана гигиеналык квартираларды куруу гана маселени чечиши мүмкүн экендигин белгилеген.

Совет өкмөтү революциядан кийин дароо эле турак жай маселелери боюнча бир катар маанилүү чечимдерди кабыл алды. 1917-жылдын октябрында эле турак жай мораторийи жөнүндө декрет басып чыгарылды: аскер кызматчыларынын үй-бүлөлөрү квартира акысынан бошотулган. Ошондо эле Совнарком «Турак жайларды шаарлардын карамагына өткөрүү жөнүндө» декрет кабыл алды. Шаардык бийиликтерге өтө тар квартираларды, ден соолук үчүн зыяндуу үйлөрдө жашаган граждандарга бош үйлөрдү берүү укугу ыйгарылды. Жумушчулар подвалдардан көпөстөрдүн жана фабриканттардын квартираларына көчүп барышты ж. у. с.

1917-жылы ноябрда шаардык козголбос мүлккө болгон жеке менчикти жокко чыгаруу жөнүндө декрет иштелип чыгып, көп узабай эле кабыл алынды. Мына ошентип турак жай шарттарын жакшыртуу жөнүндө Совет бийлигинин декреттери эмгекчилер тарабынан эбегейсиз зор канааттануу менен бардык жерде тосуп алынды.

Азыркы убакта Советтер Союзун жаңы үйлөрдүн өлкөсү деп аташат. Коммунисттик партия жана Совет өлкөсү жумушчулардын, колхозчулардын, интеллигенциянын турак жай шарттарын жакшыртуунун элдин жыргалчылыгын жогорулатуу ишинде негизги милдеттердин бири деп эсептешет.

Кийинки үч беш жылдыктын ичинде гана турак жай курулушуна жумшалган чыгымдар 180 млрд. сомдон ашып түшкөндүгүн айтсак жетиштүү. Мунун өзү Совет бийлигинин бардык жылдары ичинде турак жай курулушуна бөлүнүп берилген каражаттардын жалпы көлөмүнүн үчтөн эки бөлүгүн дээрлик түзгөн. Мына ушул мезгилдин ичинде турак жай фондусу 1554 млн. чарчы метр пайдалуу аянтка көбөйдү. 165 миллиондон ашуун адам (өлкөнүн калкынын жарымынан көбү) өзүлөрүнүн турак жай шарттарын жакшыртышты[1].

Ошондуктан кезектеги закондордо айтылган граждандардын турак жайга болгон укугу эми конституциялык рангага көтөрүлдү. Буга байланыштуу СССРдин жаңы Конституциясында адам баласынын тарыхында

---

[1] «Советская Киргизия», 28-январь, 1978-ж.

биринчи жолу 44-статьяда (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 42-ст.) СССР граждандарына турак жайга ээ болуу укугу бекемделген. Бул укук мамлекеттик жана коомдук турак жай фондусун өнүктүрүү жана сактоо, кооперативдик жана жекече турак жай курулушуна көмөк көрсөтүү, ыңгайлуу турак үйлөрдү куруунун программасын ишке ашырууга жараша берилүүчү турак аянтын коомдук контролдун астында адилеттүү бөлүштүрүү менен, ошондой эле квартира жана коммуналдык кызматтар үчүн анчалык чоң эмес акы төлөө менен камсыз кылынат.

Баса, бизде квартира акысы дүйнөдө эң арзан экендигин белгилеп кетүү керек, ал 1928-жылдан бери өзгөрүлө элек, бирок ушул мезгилдин ичинде жумушчулар менен кызматчылардын реалдуу кирешелери бир нече эсе көбөйдү, турак жайлардын техникалык жабдылышы да бир далай жогору болду. Ошол эле учурда ООНдун маалыматтарына караганда кийинки беш жылдын ичинде Францияда квартира акысы 44 процентке, Испанияда — 58 Австрияда — 77 процентке жогорулаган[1].

СССР Конституциясы ушул статьяда СССРдин граждандары берилген турак жайга сарамжалдуулук менен мамиле кылууга тийиш экендигин эскертет, анткени өздөрүнүн турак жайынын сакталышына кээ бир граждандар бейкам мамиле кылган фактылар кезигет.

Мына ошентип турак жайга болгон укук СССРдеги эбегейсиз зор турак жай курулушу жана муктаждык даражасына жараша турак аянтын бөлүштүрүүнүн демократиялык тартиби социалдык эки милдетти: ар бир үй-бүлөгө акысы кымбат эмес айрым квартира берүү милдетин чечүүнү камсыз кыла тургандыгынын көрсөткүчү катарында бааланат.

Коммунизмди куруу коомдук жана мамлекеттик турмуштун ар түрдүү тармактарында ар кандай чыгармачылык жана акыл эмгегине активдүү иштөөгө жөндөмдүү, илим менен маданиятты өнүктүрүүгө жана алардын байлыгынан пайдаланууга жөндөмдүү аң-сезимдүү жана жогорку билимдүү адамдарды тарбиялоону жана даярдоону талап кылат. СССР Конституциясынын 45-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституцясынын 43-статьясында) граждандардын билим алуу укугун бекемдөө

[1] «Правда» газетасынын 1977-жыл 28-августтагы саны.

советтик коомдун ушул керектөөсүн ишке ашыруунун башкы каражаттарынын бири болуп саналат.

Бул укуктун мазмуну ар бир советтик гражданга анын жөндөмдүүлүгүнө жана шыктуулугуна жараша окуунун бардык түрлөрүнөн акысыз пайдалануунун, өлкөдөгү бардык окуу жайларында окуунун бирдей мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу болуп саналат. Бул укук жалпыга бирдей милдеттүү орто билим берүү, турмуштан, өндүрүштөн ажыратпай окутуунун негизинде орто кесиптик-техникалык, атайын орто жана жогорку билимди кеңири өнүктүрүү, сырттан жана кечки билим берүүнү өнүктүрүү, окуучуларга жана студенттерге мамлекеттик стипендияларды жана жеңилдиктерди берүү, мектептерде окуунун китептерин акысыз берүү, мектепте эне тилинде окуунун мүмкүндүгү, өзүнчө билим алуу үчүн шарттарды түзүү менен камсыз кылынат.

Кыргызстанда Совет бийлигинин жылдары ичинде жалпыга бирдей милдеттүү окутуу боюнча, жалпы билим берүүчү мектептердин, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын тармагын өнүктүрүү боюнча, кечки, сменалуу жалпы билим берүүчү мектептерде, жогорку окуу жайларында калктын өндүрүштөн кол үзбөй окутууну кеңейтүү боюнча зор иштер турмушка ашырылды. Улуттук кадрлар өсүп чыкты, кыргыз элинин социалисттик маданияты гүлдөдү.

Элге билим берүүнү өнүктүрүү ишинде элдин маданиятын мындан ары жогорулатууга багытталган партиянын чечимдерин турмушка ийгиликтүү ашырууда сегизинчи шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советинин сегизинчи сессиясында 1974-жыл 27-декабрда кабыл алынган Кыргыз ССРинин «Элге билим берүү жөнүндө» Закону зор роль ойноого тийиш, Анда элге билим берүүнүн бардык звенолорун түзүүнүн принциптери бекемделип, өсүп келе жаткан муундарды коммунисттик тарбиялоо жөнүндө ленининдик идеяларды ишке ашыруунун процессинде топтолгон эң бай тажрыйба чагылдырылган, бардык окуу-тарбиялоо мекемелеринин иштеши үчүн бекем укуктук база түзүлдү.

Анда окуучуларды идеялык-саясий, эмгек жана укуктук тарбиялоонун деңгелин жогорулатууга зор көңүл бурулган. Өсүп келе жаткан муундарды укуктук тарбиялоо жөнүндө айтуу менен бирге бүтүрүп чыгуучу окуучулардын юридикалык даярдыгынын деңгээлине, алардын закондорго жана башка нормативдик актылар-

га карата түзүлгөн сезимине ишканаларда, мекемелерде, окуу жайларында, колхоздордо жана совхоздордо социалисттик закондуулуктун сакталышынын абалы көп жагынан байланыштуу экендигин белгилеп кетүү керек.

Окуу жайларында укуктук окутуу канчалык туура жана максатка ылайыктуу жүргүзүлгөндүгүнө окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн практикалык иштеринин процессинде советтик закондордун кыйшаюусуз так сакталышы байланыштуу болот. Бул ишти туура жүргүзүү өсүп келе жаткан муундардын социалисттик укук сезимин жогорулатууга көмөк көрсөтүп, коммунисттик курулуштун милдеттерин ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз ССРинде кийинки убактарда жалпы билим берүүчү мектептердин 8 жана 10-класстарында советтик укуктун негиздери боюнча факультативдик курстарды кеңейтүү үчүн таасирдүү чаралар ишке ашырылды. СССР Агартуу министерствосунун көрсөтмөсү боюнча 1973/1974-окуу жылынын экинчи жарым жылдыгынан баштап республиканын 18 орто мектебинин 8-класстарында советтик мамлекеттин жана укуктун негиздеринин курсу боюнча тажрыйба иретинде сабак берүү киргизилген болучу. Эми мындай сабак 1975/1976-окуу жылынан баштап жалпы билим берүүчү бардык мектептерде киргизилди. Советтик укуктун, советтик закондордун негиздерин факультативдик окуп үйрөнүү республиканын көптөгөн жогорку окуу жайларында киргизилген. Укуктук билимдерди пропагандалоо боюнча чаралар бардык жогорку окуу жайларынын, техникумдардын, профтех окуу жайларынын окуу-тарбиялоо иштеринин пландарына киргизилди.

СССРдин жаңы Конституциясынын 27-статьясында (Кыргыз ССРинин ошондой эле статьясында) коммунисттик курулушта маданияттын улам өсүп жаткан мааниси закондуу түрдө бекемделди. Анда мындай деп айтылган: «Мамлекет советтик адамдарды адептүүлүк жана эстетикалык тарбиялоо, алардын маданий деңгелин жогорулатуу үчүн рухий байлыктарды коргоо, арттыруу жана кеңири пайдалануу жөнүндө камкордук көрөт.

СССРде профессионалдык искусствону жана элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүүгө бардык чаралар менен дем берилет».

Жетилген социализмдин шарттарында маданий ку-

рулуш совет адамдарынын улам өсүп жаткан рухий суроолорун канааттандыруу, адамдын өздүгүн ыраатту өнүктүрүү үчүн колдон келе турган бардык жагымдуу шарттарды түзүүдө. Өнүккөн социалисттик коомдун маданияты советтик жашоо түрүнүн ажырагыс составдык бөлүгүнө айланып, өзүнүн мүнөздүү белгилерине ээ болду. Бул баарынан мурда анын улам өсүп жаткан социалдык ролу, өндүрүштү өнүктүрүүгө, коомдук мамилелерди өркүндөтүүгө, эмгек коллективдеринин моралдык климатына, массалардын жогорку өзүмдүк аң-сезимин калыптоого улам күчөп жаткан таасир болуп эсептелет. Бул анын терең интернационализми, улуттук маданияттардын ар биринин бардык чыныгы байлыктарынын органикалык кошундусу. Бул бир тууган социализм өлкөлөрүнүн маданияты менен анын өз ара байланышынын улам өсүп жаткан деңгели, элдердин ортосунда тынчтыктын, достуктун жана кызматташтыктын идеяларын, искусствонун жогорку идеялык жана көркөмдүк көрсөткүчтөрүнүн даражасын бекитүүдө анын гуманисттик миссиясы жана ролу болуп саналат.

Партиянын XXV съездине жасалган КПСС Борбордук Комитетинин Отчеттук докладында жолдош Л. И. Брежнев коммунисттик тарбиялоонун принципиалдуу милдеттерин койду. Көркөм маданияттын чөйрөсүн күчөтпөй туруп, кеңири массалардын жашоо түрүнө анын улам өсүп жаткан таасирин эске албай туруп аны ишке ашыруу мүмкүн эмес. Алар маданияттын жетишкендиктерин канчалык активдүү өздөштүргөндүгүнө, адамдардын күндөлүк турмушуна маданият канчалык терең кирип, алардын ички керектөөлөрүнө канчалык айланып жаткандыгына коомдук турмуштун көптөгөн маселелерин чечүү байланыштуу. Азыр эмгектин жогорку маданияты тиричилик жана эс алуу маданияты менен улам барган сайын тыгыз байланышта болуп келе жатат.

Социалисттик демократиянын өнүгүшү адамдын саясий маданиятынын өсүшүнө, өзүнүн граждандык укуктарынан анын туура пайдаланышына жана өзүнүн граждандык милдеттерин сактап, алардын ажырагыс түрдө байланышын көрүшүнө жараша болот.

СССР Конституциясынын 46-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 44-ст.) мындай деп жазылган: «СССРдин граждандары маданият жетишкендиктеринен пайдаланууга укуктуу.

Бул укук мамлекеттик жана коомдук фондуларда турган ата мекендик жана дүйнөлүк маданият байлыктарынын жалпыга бирдей ачык болушу менен, өлкөнүн территориясында маданий агартуу мекемелерин өнүктүрүү жана тең жайгаштыруу менен, телекөрсөтүүнү жана радиону, китеп басып чыгаруу ишин жана мезгилдүү басма сөздү, акысыз китепканалар тармагын өнүктүрүү менен, чет мамлекеттер менен маданий карым-катнашты кеңейтүү менен камсыз кылынат».

Азыркы шарттарда адам баласынын цивилизациясынын көрүнүшү катарында коммунизмдин мазмунун, тарыхый мааниси жана жогорку миссиясын билдирген рухий байлыктарын түзүүдө көркөмдүк интеллигенциянын ролу жогорулап жатат.

Советтик интеллигенция жумушчу табы жана колхоздук дыйкандар менен коюн-колтук алышып, коммунизмди куруунун жалпы ишине активдүү катышууда. Азыр, алдыңкы социалисттик маданияттын идеологиялык принциптери биздин коомубуздун социалдык жана моралдык-саясий биримдүүлүгүнө таянып отурган кезде жөндөмдүүлүктү жана шыктуулукту көрсөтүү үчүн бардык шарттар түзүлгөн.

Буга байланыштуу СССР Конституциясынын 47-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 45-ст.) мындай деп айтылган: «ССРдин граждандарына коммунисттик курулуштун максаттарына ылайык илимий, техникалык жана көркөм чыгармачылыктын эркиндиги гарантияланат. Ал илимий изилдөөлөрдү, ойлоп чыгаруучулук жана рационализатордук ишти кеңири жайылтуу, адабиятты жана искусствону өнүктүрүү менен камсыз кылынат. Мамлекет бул үчүн материалдык зарыл шарттарды түзөт, ыктыярдуу коомдорго жана чыгармачыл союздарга жардам көрсөтөт, эл чарбасында жана турмуштун башка чөйрөлөрүндө ойлоп чыгарууларды жана рационализатордук сунуштарды колдонууну уюштурат.

Авторлордун, ойлоп чыгаруучулардын жана рационализаторлордун укуктары мамлекет тарабынан корголот».

Мунун өзү жөн гана салтанаттуу декларация эмес, биздин маданий саясатыбыздын эң маанилүү принциби болуп саналат, анткени ал тарбиялоо жана билим берүү системасы, интеллектуалдуу күчтөрдү колдонуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, талантты, чыгармачыл

изденүүлөрдү бардык чаралар менен өнүктүрүү аркылуу реалдуу гарантияланат.

Биринчи жолу конституция тарабынан бекемделген демократиялык укуктарга СССР Конституциясынын 48, 49-статьяларынын мазмуну таандык. Мисалы, 48-статьяда мамлекеттик жана коомдук иштерди башкарууга, жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги закондор менен чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышууга СССР граждандарынын укугу түздөн-түз каралган.

Бул укук эл депутаттар Советтерине жана шайлануучу мамлекеттик башка органдарга шайлоого жана шайланууга, бүткүл элдик талкууларга жана добуш берүүлөргө, элдик контролго, мамлекеттик органдардын, коомдук уюмдардын жана коомдук өз демилгелүү органдардын ишине, эмгек коллективдеринин жана жашаган жериндеги чогулуштарга катышуу мүмкүндүгү менен камсыз кылынат.

Мына ошентип бул статьяда мамлекеттик, административдик жана эмгек укугунун конкреттештирилген нормалары келтирилген.

49-статьяда мамлекеттик органдарга жана коомдук уюмдарга алардын ишин жакшыртуу жөнүндө сунуштар киргизүүгө, иштеги кемчиликтерди сынга алууга граждандардын укугу өзгөчө бөлүп көрсөтүлгөн. Буга белгиленген мөөнөттө граждандардын сунуштарын жана арыздарын карап чыгууга, аларга жооп берүүгө жана зарыл чараларды көрүүгө кызмат адамдарынын милдети ылайык келет.

Анда сын үчүн куугунтуктоого тыюу салына тургандагы айтылган. Сын үчүн куугунтуктаган адамдар жоопко тартылат.

Мамлекеттик жана коомдук иштерди башкарууга катышуу укугу, мамлекеттик органдардын жана коомдук уюмдардын иштерине тиешелүү сунуштар менен сын замечаниелерди киргизүү укугу менен бирге Конституциянын 58-статьясында кызмат адамдарынын, мамлекеттик жана коомдук органдардын аракеттерине даттанууга граждандардын укуктуу экендиги жөнүндө жобо келтирилген. Даттануулар закондо белгиленген тартипте жана мөөнөттө каралууга тийиш.

Эгер граждандардын укуктарын бузган кызмат адамдарынын аракеттери законду бузуу же полномочиелеринин чегинен чыгуу менен жасалган болсо, анда бул ара-

кеттер закондо белгиленген тартипте сотко даттанылышы мүмкүн.

Мындан тышкары бул статьяда СССРдин граждандарына мамлекеттик мекемелер жана коомдук уюмдар, ошондой эле кызмат адамдары кызмат милдеттерин аткарып жүргөн кезде законсуз аракеттери менен келтирген зыянды төлөтүп алуу укугу гарантияланат.

## § 2 Советтик граждандардын демократиялык эркиндиги

Биздин өлкөбүздө Улуу Октябрь Социалисттик революциясы жеңгенден кийин дароо миллиондогон граждандар өздөрүнүн керт башын өнүктүрүү үчүн чыныгы эркиндикке ээ болушту, Совет бийлиги өзүнүн алгачкы декреттеринде эле эмгекчилерге буржуазиялык коомдун шарттарында ойго да келбеген бир катар демократиялык эркиндиктерди өз пикирин эркин айтуу—оозеки же басма сөз аркылуу билдирүү, чогулуштардын, манифестациялардын эркиндиги жана башка эркиндиктерди берди. Социалисттик коомдун өнүгүшү менен бирге советтик граждандардын демократиялык эркиндиги да улам барган сайын кеңейип, алардын гарантиялары улам тереңдеп толукталып келди.

Өнүккөн социализмдин шарттарында саясий эркиндиктердин — сөз, басма сөз, чогулуштар менен митингди, көчөдөгү жүрүштөр менен демонстрацияларды уюштуруу эркиндигинин гарантиялуулугу ого бетер жогорулады.

Эгер 1936-жылдагы СССР Конституциясынын 125-статьясында алар закон тарабынан гарантияланган болсо, анда СССРдин жаңы Конституциясынын 50-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 48-ст.) алардын укуктук гаранты болуп Конституциянын өзү эсептелет. Анда бул саясий эркиндиктерди ишке ашыруу эмгекчилердин жана алардын уюмдарынын карамагына коомдук имараттарды, көчөлөрдү жана аянттарды берүү, информацияны кеңири жайылтуу, басма сөздү, телекөрсөтүүнү жана радиону пайдалануу мүмкүндүгү менен камсыз кылына тургандыгы айтылган.

Мындай эркиндиктердин реалдуулугу аларды чыныгы ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык каражаттар: газеталар, кагаз, басмакана, коомдук имарат-

тар, байланыш каражаттары — коомдун энчиси болгондугу менен камсыз кылынат.

Сөз эркиндиги деп өзүнүн пикирин жана көз карашын оозеки же кат жүзүндө билдирүүгө ар бир совет гражданынын укугун, ал эми басма сөз эркиндиги деп өзүнүн пикирлерин, ишенүүлөрүн жана көз караштарын басма сөз, телекөрсөтүү жана радио аркылуу билдирүү укугун айтабыз. Советтик граждандар партия менен өкмөттүн ар түрдүү закон долбоорлору, маанилүү токтомдору боюнча өзүнүн пикирлерин айтуу үчүн, ишканалар менен уюмдардын ишиндеги кемчиликтерди сынга алуу үчүн өздөрүнө берилген басма сөз эркиндигинен кеңири пайдаланышат.

Биздин коомдук уюмдарыбыз жана союздарыбыз жыйналыштарга, конференцияларга жана съезддерге чогулушу мүмкүн, бирок капитал өлкөлөрүндөгүдөй алардын алдында эч качан имарат проблемасы келип чыкпайт.

Эмгекчилердин кызыкчылыгына кызмат кылууга чакырылган СССРдеги саясий эркиндиктер социалисттик түзүлүштү чыңдоо максатын көздөп, элдин зыянына эмес, анын кызыкчылыгына гана пайдаланылышы мүмкүн. Ошондуктан сөз эркиндигин жана басма сөз эркиндигин жөнү жок кыйкымчылык кылып, жек көрүү, көзүнө көрүнгөндү кордоо — эркиндиги деп түшүнүүгө болбойт. Бизде коомдук тартипке иритки салып, элдин кызыкчылыгына зыян келтирүүчү жана Советтик Конституция граждандарга саясий эркиндикти гарантиялаган максаттарга карама-каршы келүүчү көчө жүрүштөрүнө да, демонстрацияларга да жол берилбейт.

СССР Конституциясынын 51-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 49-ст.) саясий активдүүлүктү жана өз демилгени өнүктүрүүгө, алардын көп жактуу таламдарын канааттандырууга көмөк көрсөтүүчү коомдук уюмдарга биригүүгө, атап айтканда, профессионалдык уюмдарга, спорт уюмдарына, маданий, техникалык жана илимий коомдорго биригүүгө граждандардын укугунун максаттары кеңири формулировкада каралган.

Советтик Конституцияда каралган укуктар менен эркиндиктердин системасында граждандардын керт башынын эркиндиги көрүнүктүү орунду ээлейт, ага төмөндөгүлөр кирет: граждандын керт башына эч кимдин тийбестиги, граждандардын турак үйүнө эч кимдин тийбес-

тиги, кат жазышуулардын жашырындуулугу жана динге ишенүү же ишенбөө эркиндиги.

Социализм динге ишенүү же ишенбөө эркиндигинин проблемасын биринчи жолу чечти. Советтер Союзунда төмөндөгүдөй багыттагы диний бирикмелердин жана чиркөөлөрдүн диний эркиндиги гарантияланат: орус православная чиркөөсү, католик, мусулман, армян, иудей, грузин православная, буддисттик, евангелия-лютеран, евангелия-христиан-баптисттер ж. б.[1]

Советтик граждандарга динге ишенүү же ишенбөө эркиндигин камсыз кылуу максатында СССРде чиркөө мамлекеттен жана мектеп чиркөөдөн ажыратылган. Чиркөө мамлекеттин иштерине, балдарды тарбиялоого жана окутууга кийлигишүүгө укуктуу эмес.

СССРдин жаңы Конституциясында динге ишенүү же ишенбөө эркиндиги жөнүндөгү статьянын конституциялык чектери бир кыйла кеңейтилген. 52-статьяга (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 50-ст.) ылайык бул эркиндик ар кандай динди тутуу же эч бирин тутпоо, диний ырым-жырымдарды колдонуу же атеисттик пропаганда жүргүзүү укугу катарында белгиленет.

Мына ошентип советтик граждандар закондо белгиленген чектерде өзүнчө жеке же диндештери менен бирдикте өздөрүнүн диний ишенүүлөрүнө ылайык келүүчү ырым-жырымдарды жана жөрөлгөлөрдү тоскоолдуксуз аткарууга укуктуу. Бирок мунун өзү диний адамдар диний ишенүүлөргө шылтоо кылып, советтик граждандардын милдеттерин аткаруудан баш тарта алат дегендикке жатпайт.

Ар бир гражданин тигил же бул динди туткандыгына же тутпагандыгына карабастан СССРдин бардык граждандарындай эле укуктардан пайдаланат. Граждандин динге тиешелүүлүгү эч бир документтерде — паспортто да, анкеталарда да көрсөтүлбөйт.

Мына ошентип Конституция тарабынан гарантияланган Советтер Союзундагы динге ишенүү же ишенбөө эркиндигине эч нерсе коркунуч келтирбейт. Бул жөнүндө биздин өлкөбүздөгү бардык диндердин кадыр-барктуу өкүлдөрү бир нече жолу билдиришкен.

1975-жылы декабрда Патриарх Московский жана всея Руси Пимен журналисттердин суроолоруна жооп

---

[1] А. Александров. О свободах подлинных и мнимых. «Правда», 1976, 21-февраль.

берип мындай деген: «Советтер Союзунда диний ишенүүлөр үчүн кимдир-бирөөнү сот жоопкерчилигине тарткан же камакка алган бир да учур болбогондугун мен бүткүл жоопкерчилигим менен билдирүүгө тийишмин. Бул мындай турсун, совет мамлекети диний ишенүүлөр үчүн жаза белгилебейт. Динге ишенүү же ишенбөө — СССРде ар бир адамдын өз иши»[1]

Бирок биздин өлкөбүздө диний ырым-жырымдарды аткаруу шылтоосу менен жүргүзгөн иштери чындыгында граждандардын ден соолугуна зыян келтирүүгө же аларды граждандык милдеттерин аткаруудан баш тартууга көндүрүүгө байланышкан группалардын уюмуна тыюу салынган.

Тигил же бул тарыхый кырдаалда чиркөө кандай гана позицияны ээлебесин, кандай гана саясатты жүргүзбөсүн ал дайыма илимге каршы реакциячыл идеологияны биле туруп таратат жана үгүттөйт. Динге ишенүүчүлөрдү мына ушул идеологиянын духунда тарбиялап, аны пропагандалоо менен чиркөө зыяндуу иш кылат, жаңы турмушту курууга өз эрки менен же эрксизден карама-каршы турат, коммунизмге карай бара жаткан жолубузда биздин кыймылыбызга жолтоо болуп саналат.

Чиркөөнүн кээ бир кызмат адамдары жана атүгүл айрым диний уюмдар өтө зыяндуу позицияны ээлешет. Мунун өзү чындыгында советтик закондорду таанызбаган жана атүгүл биздин түзүлүшүбүзгө душмандык иш-аракеттерди жүргүзгөн сектанттык общиналарга таандык. Кеп евангелиялык христиан-баптисттер, иеговисттер, пятидесятниктер жана башка диний топтор жөнүндө болуп отурат. Мисалы, алар динге ишенүүчүлөргө мектептерге, театрларга, киного, клубдарга барууга, коомдук иштерге катышууга тыюу салышып, чындыгында антисоветтик көз караштарды үгүттөшөт.

Мисалы, Фрунзе шаарындагы 2-клиникалык оорукананын коллективи врач-окулист, евангелиялык христиан-баптисттер чиркөөсүнөн бөлүнүп калган инициативниктер тобунун активисти Д. К. Левиндин коомго каршы иштерин талкуулады. Жакында Фрунзе шаарындагы № 17 мектепте балдардын «Кызыл жылдызча» майрамына арналган чогулушу болуп өттү, анда Левиндин жакшы эмес жоругу белгилүү болду. Мына ушул уну-

[1] А. Александров. О свободах подлинных и мнимых «Правда», 1976, 21-февраль

тулгус күндө балдарды октябряттардын катарына кабыл алышып, кызыл жылдызчаларды салтанаттуу түрдө тапшырып жатышкан эле. Ошентип, жылдызчаны Андрюша Левин алып тагынайын деп турганда атасы, Давид Корнеевич, шарт чуркап барып «Сен октябренок болбойсуң» деп аны уулунун колунан жулуп алды.

Дагы бир жолу Д. К. Левин ата-энелердин чогулушунда атеисттик темада ата-энелер лекция угушкандан кийин сахнага чыгып барып, өзүнүн сөзүн ушактарды таратуу үчүн пайдаланууга аракеттенген, бирок залдагылардын жалпы кыжырдануусуна дуушар болду. Коллегалары менен сүйлөшкөндө Левин өзүнүн динчилдигин далилдеп аракеттенип, илим менен техниканын жетишкендиктерин таанысбайт, космостун өздөштүрүлүшүнө ишенбейт. Саясий информацияларга, конференцияларга, чогулуштарга жана пятиминуткаларга катышпайт. Оорукананын микрорайонунда жашаган ооруларды кабыл алуудан баш тартат да ошол эле кезде башка райондордон келген өзүнүн секта боюнча«бир туугандарын» жана «эже-карындаштарын» талонсуз жана кезексиз эле көңүлдүү кабыл алат.

Чогулушка катышкандар Д. К. Левиндин коомго каршы жүрүш-турушун бир тилектен айыптап, эгер ал укуктук жана моралдык нормаларды мындан ары да бузчу болсо, анда коллектив советтик закон алдында анын жоопко тартылышы жөнүндө маселе коё тургандыгын эскертишти.[1]

Биздин күндөрдө мусулмандардын арасында да динге ишенбөө улам барган сайын күчөөдө. Мунун өзү диний ырым-жырымдардын абалына да сезилерлик таасир этип жатат. Өздөрүн динчилмин деп эсептеген адамдардын көбү эми күндөлүк беш убак намазын окубай калышты, орозо тутушпайт жана исламдын көптөгөн дагы башка ырым-жырымдарын сакташпайт.

Бирок диний калдыктар али да болсо калктын белгилүү бөлүгүнө таасирин тийгизип келе жатат. Атап айтканда алар диний ырым-жырымдардан, жөрөлгөлөрдөн, «аштардан», «тойлордон», «ыйык жерлерге» барып сыйынуулардан көрүнүп турат. Азыркы диний кызматкерлер мурдагылардан эч бир айырмаланбайт. Өлгөнгө жаназа окугандык үчүн акча алуу, үй-бүлө талаш-

---

[1] А. Доев. «Под личиной обиженного», «Советская Киргизия», 1975, 13-май.

тарын шариат боюнча чечүү, ооруларды дубалап «айыктыруу», «ыйык жерлердеги» жыйымдар ж. б. аларда оңой табылган оокаттын булагы болуп саналат[1].

Андай болгондон кийин эмне үчүн диний бирикмелерге уруксат берилет? деп көп сурашат. Аларга тыюу салып, чиркөөлөрдү, мечиттерди жаап салса болбойт беле? Жок, советтик социалисттик мамлекет өзүнүн демократиялык жаратылышына байланыштуу анте албайт, бизде али да болсо диңге ишенгендер бар, алар да биздин советтик адамдар эмеспи. Алардын сезими жана тилеги менен эсептешпей коюуга болбойт.

Советтик Конституция граждандарга динге каршы пропаганданын эркиндигин камсыз кылат. Ар бир гражданин динге ишенгендердин сезимин кордобостон өзүнүн атеисттик ишенүүлөрүн эркин жана тоскоолдуксуз айтууга жана аларды ар кандай формада жайылтууга укуктуу.

Коммунисттик партия жана Совет мамлекети советтик граждандар динге ишенеби же ишенбейби—буга кайдигер мамиле кылбайт. Партия динге каршы күрөш идеялык курал, илимий билимдин күчү, маданий-агартуу, тарбиялоо иштеринин каражаттары менен жүргүзүлүүгө тийиш деп үйрөтөт. Ошондуктан Коммунисттик партия өзүнүн Программасына ылайык динге ишенүүчүлөрдүн аң-сезимин бара-бара жогорулатууга жана аларды акырындык менен диний ырым-жырымдардан бошотууга багытталган материалдык дүйнөлүк көз карашты илимий-тарбиялоо жагынан пропагандалоону жүргүзүп жатат. Мында партия динге ишенүүчүлөрдүн, ошондой эле диний кызматкерлердин сезимин ар кандай кордоолорго жол бербөө зарыл деп эсептейт.

Буга байланыштуу «Калктын арасында илимий-атеисттик пропаганданы жүргүзүүдөгү жаңылыштыктар жөнүндө» КПСС Борбордук Комитетинин 1954-жыл 10-ноябрдагы белгилүү токтомунда илимий-атеисттик пропаганданын негизине турмуштагы эң маанилүү көрүнүштөрдү, Ааламдын түзүлүшү, жер жүзүндө тиричиликтин жана адамдын келип чыгышы, астрономия, биология, физиология, физика, химия жана жаратылыштын жана коомдун өнүгүшүнө материалисттик көз караштардын тууралыгын ырастоочу дагы башка илимдердин же-

---

[1] К. Койчуманов. «Активно, наступательно», «Советская Киргизия», 1975-жыл, 19-июнь.

тишкендиктери сыяктуу маселелерди кеңири түшүндүрүүнү коюу керек экендиги баса белгиленген.

Биздин күндөрдө, ар бир адам илим менен техниканын ийгиликтерин көрүп турган кезде дүйнө жөнүндөгү элестер атүгүл диний адамдарга да чындык эместей көрүнгөнсүйт. Илимдин өнүгүшү, биздин билимдерибиздин кеңейиши адамдардын акыл-эсинде кудай үчүн орун улам барган сайын азайып бараткандыгына алып келип отурат. Кечээ эле түшүнүксүз, сырдуу болуп көрүнгөн нерселер бүгүн илим менен түшүндүрүлүп жатат. Бул жөнүндө билимдердин өнүгүшүнүн бүткүл жүрүшү далил болот.

Үй-бүлөнү мамлекет тарабынан коргоо конституциялык даражада жүргүзүлөт. Мисалы, СССР Конституциясынын 53-статьясында Кыргыз ССРинин Конституциясынын 51-статьясында (нике аял менен эркектин ыктыярдуу макулдугуна негизделе тургандыгы, жубайлар үй-бүлөлүк мамилелерде толук тең укуктуу экендиги айтылган.

Мамлекет үй-бүлө жөнүндө балдар мекемелеринин кеңири тармагын түзүү жана өнүктүрүү, турмуш-тиричилик кызматын жана коомдук тамак-ашты уюштуруу жана өркүндөтүү, бала төрөлүшүнө байланыштуу пособиелерди төлөө, көп балалуу үй-бүлөлөргө пособиелерди жана жеңилдиктерди берүү, ошондой эле үй-бүлөгө пособиелердин жана жардамдардын башка түрлөрүн берүү жолу менен камкордук көрөт.

Үй-бүлө коомдун баштапкы ячейкасы катарында никелешүүнүн натыйжасында пайда болот. Социалисттик коомдо нике бири бирин сүйүү боюнча түзүлөт, ошондуктан бири бирин сүйбөй туруп расчет боюнча түзүлгөн никелер улам барган сайын сейрек учуроодо. Аялга экономикалык көз карандысыздык, экономикалык, саясий жана маданий турмуштун бардык тармактарында эркек менен реалдуу бирдей укук гарантияланат.

Коммунисттик коомду куруу үчүн күрөштө совет эли тарабынан жетишилген ийгиликтер аялдар менен балдардын ден соолугун коргоо ишинде кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачып берүүдө. 1973-жылы боюнда болгондугу жана төрөт боюнча пособиелер эмгек стажысына карабастан иштеп жаткан бардык аялдарга толук кызмат акысынын өлчөмүндө белгиленди, ооруп калган баласын кароо боюнча төлөнүүчү күндөрдүн саны көбөйтүлдү, ал эми 1974-жылдын 1-ноябрынан баштап аз камсыз

кылынган үй-бүлөлөргө балдар үчүн пособиелер киргизилди.

СССРдин граждандарынын,— деп айтылган СССР Конституциясынын 54-статьясында (Кыргыз ССР Конституциясынын 52-ст. — керт башына эч кимдин тийбестиги гарантияланат. Соттун чечимине негизделмейинче же прокурордун санкциясы болмоюнча эч ким камакка алынышы мүмкүн эмес.

Ушул статьяда белгиленген норма граждандин эң маанилүү укуктарынын катарына кошулат. Ошондуктан бул укукту кандайдыр бир даражада чектеген ар кандай аракеттер уголовный жана уголовно-процессуалдык закондордун каражаттары менен толук жана так регламенттелген (жөнгө салынган).

Бизде адамдын керт башына тийбестигин козгоочу санкциялар үчүн башка себептер жок. Кеп ойлор же ишенүүлөр жөнүндө эмес, терс иш-аракеттер жөнүндө болуп отурат. Мына ошентип, бир катар капиталисттик өлкөлөрдө практикаланып жүргөндөй превентивдүү же башкачараак айтканда «алдын ала» камакка алууларга таптакыр жол берилбейт.

СССР Конституциясынын 55-статьясында (Кыргыз ССР Конституциясынын 53-ст.) турак жайга эч кимдин тийбестигинин укугу айтылган, бул демек арендага алынган же жеке менчик укугунда тиешелүү болгон турак жана көмөкчү жайын кызмат адамдарынын да, ошондой эле айрым граждандардын да закопсуз кирип барууларынан мамлекеттин коргоосуна ар бир совет гражданы укуктуу дегендикке жатат .

Бул укук административдик, уголовный жана уголовный-процессуалдык укуктун каражаттары менен камсыз кылынат. Советтик закондорго ылайык турак жана көмөкчү жайды карап чыгууга санитардык, камсыздандыруу, налог инспекциясы, ошондой эле өрттөн сактоо кызматы сыяктуу мамлекеттик инстанциялардын өкүлдөрү укуктуу. Турак жайды карап чыгууга үй башкармалары менен турак жай-эксплуатациялык контораныи начальниги да, ошондой эле коммуналдык кызматтын кызматкерлери укуктуу, бирок алар турак жайды күндүзү жана үй-бүлөнүн бойго жеткен мүчөлөрүнүн көз алдында карашат.

Граждандардын өздүк турмушу, кат жазышуунун, телефон аркылуу сүйлөшүүлөрдүн жана телеграф аркылуу билдирүүлөрдүн жашырындуулугу закон тарабынан

корголот,— деп айтылган СССР Конституциясынын 56-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 54-статьясында). Бул демек жарыяланышын гражданин ылайыксыз деп тапкан маалыматтары бар корреспонденциянын бардык түрлөрү менен, телефон аркылуу сүйлөшүүлөр, билдирүүлөр, документтер менен законсуз таанышууга мамлекет уруксат бербейт дегендикке жатат. Почта-телеграф, телефон кызматтарынын кызматчыларына кат жазышуунун, телефон аркылуу сүйлөшүүлөрдүн жана телеграф аркылуу билдирүүлөрдүн жашырындуулугун, бала асырап алуунун жашырындуулугун коргоо милдети жүктөлөт.

Граждандардын мындай корреспонденциясы менен таанышууга өтө зарыл учурларда гана, кылмышты ачуу максатында жол берилет. Корреспонденцияга тыюу салуу жана аны почта-телеграф мекемелеринен чыгарып алуу прокурордун санкциясы менен гана же соттун токтому боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн.

Адам жөнүндө атайылап ушактарды таратуу, анын ар-намысын жана кадыр-баркын кордоо да катуу жазаланат. Же дагы бир мисал: эгер соттук тескөө жабырлангандын же айыпкердин жеке турмушунун кырдаалдарынын таралышына алып келе турган болсо, анда ал жабык жүргүзүлөт.

СССР Конституциясы 57-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 55-статьясы) граждандардын ар-намысына жана өз кадырына, өмүрүнө жана саламаттыгына, өз эркиндигине жана мүлкүнө кол салуудан сот аркылуу коргонууну белгилейт.

Бул укук Совет мамлекети тарабынан басымдуу түрдө уголовный процессуалдык закондордун чаралары жана каражаттары аркылуу камсыз кылынат. Адамды урматтоо, граждандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо—мамлекеттик бардык органдардын, коомдук уюмдардын жана кызмат адамдарынын милдети болуп саналат.

Мына ошентип Негизги закон адамдын керт башын, анын укуктарын жана кадырын коргоого багытталган советтик закондордун бүтүндөй бир катар эрежелерин конституциялык гарантиялардын деңгелине көтөрүп отурат. Ошонун өзү менен бул жерде да ушул көрүнүктүү документти кучагына алган жаңы нерсенин башкы багыты — социалисттик демократияны кеңейтүү жана терендетүү болуп санала тургандыгы ырасталып отурат.

## §3. Советтик граждандардын негизги милдеттери

«... Адамдын ар тараптан өнүгүшү, граждандардын укуктары жөнүндө камкордук көрүү менен бирге,—деп айткан КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде,— биз ошондой эле коомдук тартипти чыңдоо, коом алдындагы милдеттерди бардык граждандардын аткарышы жөнүндөгү проблемаларга да тийиштүү көңүл бурабыз. Анткени, тартип болмоюнча жана коомдук бекем тартип сакталмайынча демократияны турмушка ашырууга мүмкүн эмес. Ар бир граждандын өз милдеттерине, элдин таламдарына жоопкерчилик менен мамиле жасашынын дал өзү социалисттик демократизмдин, адамдын чыныгы эркиндигинин принциптери өтө толук турмушка ашыруу үчүн бирден-бир ишенимдүү негизди түзөт».

Советтик Конституция граждандарга улуу укуктарды берүү менен бирге зор милдеттерди да жүктөйт. Милдеттүүлүк — бул граждандардын жана коомдун таламдары үчүн адамдын мамлекеттик бийлик тарабынан белгиленүүчү жана гарантиялануучу коомдук зарыл жүрүш-турушунун чени[1].

Өлкөнүн экономикалык, саясий жана маданий турмушуна активдүү катышуу менен, берилген укуктардан жана эркиндиктерден пайдалануунун негизинде өзүнүн жекече, материалдык жана рухий керектөөлөрүн канааттандырып, ар бир совет гражданы башка граждандардын, коллективдин, коомдун жана жалпысынан мамлекеттин укуктарына карата анын милдеттерин белгилөөчү конституциялык жүрүш-туруш нормалары менен эсептешпей коё албайт.

Советтик граждандар өзүнүн конституциялык милдеттерин аткарууга таламдаш болууга тийиш, анткени мына ушул шартта гана социалисттик коомдун нормалдуу кыймылы жана прогрессивдүү өнүгүшү, анын ар бир мүчөсүнүн жеке жыргалчылыгынын камсыз кылынышы мүмкүн.

Советтик адамдардын укуктарынын башкы гарантиясы акыркы эсепте — Мекендин кубаттуулугу жана гүлдөп өсүшү боло тургандыгын советтик ар бир адам

---

[1] А. И. Лепешкин. Правовое положение советских граждан, «Мысль» басмасы, М., 1966, 7-бет.

ачык-айкын баамдап сезиши керек. Ал эми бул үчүн ар бир граждан коом алдындагы өзүнүн жоопкерчилигин сезүүгө, мамлекет алдындагы, эл алдындагы өзүнүн милдетин ак ниеттүү аткарууга тийиш — деп белгилеген жолдош Л. И. Брежнев КПСС Борбордук Комитетинин май (1977-ж) Пленумунда.

Биздин өлкөбүздө коомдук турмуштун практикасы граждандардын укуктарына жана алардын милдеттерине түрдүүчө мамиле кылууга болбой тургандыгын ишеничтүү көрсөтүп отурат, анткени алар коммунисттик курулуштун аң-сезимдүү жана активдүү куруучусунун көз карашы менен алып караганда бирдей болуп саналат. Ар бир совет адамы анын укуктарын кеңейтүү, тереңдетүү жана натыйжалуу камсыз кылуу өзүнүн милдеттерине аң-сезимдүү мамиле кылууга, аларды ак ниеттүү жана ырааттуу аткарууга байланыштуу экендигин түшүнөт.

Ошондуктан күндөлүк турмушта, практикалык иштерде советтик граждандар өздөрүнүн укуктарын активдүү пайдалануу менен бирге өздөрүнүн милдеттерин уюшкандык менен тартиптүү аткарышат. Ошонун өзү менен граждандардын укуктарынын жана милдеттеринин ырааттуу биримдүүлүгү түзүлөт.

Бул биримдүүлүк СССРдин жаңы Конституциясынын 59-статьясында (Кырыз ССРинин Конституциясынын 57-статьясында) биринчи жолу белгиленди, анда мындай деп айтылган: «Укуктар менен эркиндиктерди ишке ашырууну граждандардын өз милдеттерин аткаруусунан ажыратып кароого болбойт.

СССРдин гражданини СССРдин Конституциясын жана советтик закондорду сактоого, социалисттик коомдо жашоо эрежелерин урматтоого, СССРдин гражданы деген бийик наамды ар-намыс менен алып жүрүүгө милдеттүү».

Советтик Конституция биздин мамлекетибиздин Негизги Закону болуу менен бирге бардык советтик закондордун негизи жана булагы болуп саналат. Конституция өзүнүн нормалары менен совет элинин улуу жеңишин бекемдейт, ошондуктан конституциялык нормалар менен бекемделген бардык эрежелерди жана бардык талаптарды сактоо маанилүү. Конституцияны сактоо милдети граждандар тарабынан анын эрежелеринин формалдуу аткарылышы дегендикке жатпайт. Конституцияны сактоо — өндүрүштө, оокат-тиричиликте, бүткүл күндөлүк

турмушта өзүнүн бүткүл жүрүш-турушу менен анда жазылган принциптерди турмушка ашыруу дегенди билдирет.

Советтик закондор Конституцияга негизденип, өзүнүн нормалары менен анын жоболорун жана принциптерин өнүктүрөт. Закондорду бузуу ошону менен бирге Негизги Законду бузгандык болуп саналат. Ошондуктан Конституция бардык советтик граждандарды Совет мамлекетинин закондорунун эрежелерин жана башка кошумча закон актыларын так аткарууга милдеттендирет.

Бардык мамлекеттик органдар, кызмат адамдары жана граждандар тарабынан Конституциянын сакталышы жана закондор менен дагы башка нормативдик актылардын аткарылышы биздин өлкөбүздө социалисттик закондуулуктун маңызын түзөт. Демек закондорду жана башка нормативдик актыларды так аткаруу социалисттик закондуулукту чындоо ишине кызмат кылат.

Конституция закондорду сактоого жана аткарууга гана эмес, ошону менен бирге социалисттик бирге жашоонун эрежелерин, башкача айтканда коомдук турмушта жана оокат-тиричиликте социалисттик коомдун мүчөлөрүнүн жалпыга таанылган жүрүш-туруш нормаларын урматтоого да милдеттендирет. Законду билбөөнүн фактысы аны бузгандык үчүн граждандарды жоопкерчиликтен бошотпойт, анткени Совет мамлекети: гражданин өзүнүн иш-аракеттерине жана кылык-жоруктарына жооп берүүчү коомдун өз алдынча мүчөсү болгондуктан жүрүш-турушту аныктаган кезде жүрүш-туруштун жалпыга бирдей милдеттүү бардык эрежелерин, мунун ичинде Конституцияда, закон нормаларында жана башка актыларда жазылган эрежелерди эске алууга тийиш экендигине негизденет.

Коомдо жашоо үчүн адам анын закондорун билүүгө жана алардын буйруктарын аткарууга тийиш. Ошондуктан анын укук нормаларынын талаптарын билбегендиги же түшүнгөн эмес элем дегени ал адамды тартип бузгандан кийинки жагымсыз кесепеттерден бошотпойт жана мындай тартип бузгандык үчүн жоопкерчиликти жеңилдетпейт.

Биздин мамлекетибиздин Негизги Законунда бардыгына эмгектенүү укугу гарантияланган (40-ст.) (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 38-ст.). Муну менен бирге СССР Конституциясы коомдун ар бир мүчөсүнө белгилүү милдеттерди да жүктөйт. Алардын эң негизгиси

60-статьяда (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 58-ст.) айтылган — коомдук пайдалуу иштин өзү тандап алган тармагында ак ниеттүү эмгектенүү, эмгек тартибин сактоо — СССРдин эмгекке жарамдуу ар бир гражданынын милдети жана ар-намысынын иши.

Социалисттик эмгек тартиби — көлөмдүү түшүнүк. Аны өз убагында кызматка келүүнүн, эмгек тартибинин эрежелерин сактоонун жана жүктөлгөн милдеттерди аткаруунун зарылчылыгы катарында гана кароого болбойт. Ак ниеттүүлүктөп башка анда эмгектеги чыгармачыл активдүүлүк, демилге, өндүрүштү өнүктүрүү жөнүндө чарбалык камкордук каралган.

Советтик граждандар, эреже катарында, өздөрүнүн эмгек милдеттерине сезимдүү мамиле кылышат. Алсак, бул жөнүндө эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, продукция чыгарууну көбөйтүү жана сапатын жакшыртуу боюнча көптөгөн коллективдер жана өндүрүштүн алдыңкылары тарабынан кабыл алынган жогорку социалисттик милдеттенмелер далил болот. Эгер эмгекке жарамдуу бардык адамдар өндүрүштүк жана коомдук турмушка активдүү катышчу болсо биздин ийгиликтерибиз мындан да бир далай жогору болмок. Бирок коомдук эмгектен баш тартууга аракеттенип жүргөн айрым адамдар али да болсо бар. Бул адамдар өздөрү мителик турмушту жүргүзгөндүгү аз келгенсип айланадагыларга да, өзгөчө жаштарга терс таасир тийгизүүдө. Арам тамактык коомго каршы жана кылмыштуу иштер үчүн жагымдуу шарттарды түзөт.

Ошондуктан Советтик Конституция жана ага негизделген закондор эмгекке жарамдуу граждандарга коомдун эсебинен, башка адамдардын эсебинен жашоого, эмгек кылбоого, коомго каршы арам тамактык турмушту өткөрүүгө, ошондой эле законсуз промыселдерди жүргүзүүгө тыюу салат. Бул адамдарга карата тарбиялоо мүнөзүндөгү чаралар, ал эми зарыл учурларда административдик жана соттук таасир этүүнүн каражаттары колдонулат.

Конкреттүү мисалдарды келтиребиз. Фрунзе шаарындагы Ленин районунун партиялык-советтик жана административдик органдары мына ушул терс көрүнүштөргө каршы күрөштүн маанилүүлүгүн түшүнүп, зор жумуштарды жүргүзүштү. Мисалы, милиция Бөлүмү тарабынан коомдук-пайдалуу эмгекте баш тарткан 260 адам аныкталган, алардан 220 киши жумушка орноштурулду, ал

эми ишке орношуудан баш тартып коомго каршы мителик турмушту улантып жаткан 79 киши официалдуу эскертүүдөн кийин эл депутаттарынын райондук Советинин аткаруу комитетинин чечими боюнча райондун ишканаларындагы, курулуштарындагы коомдук-пайдалуу эмгекке тартылды[1].

Эмгекке орношуу жана арам тамактык менен күн көрүүнү токтотуу жөнүндөгү чечимден кыянаттык менен баш тарткан 17 киши эмгектенүү милдетин сактабагандыгы үчүн 2 жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратуу каралган Кыргыз ССРинин Уголовный Кодексинин 239-статьясына ылайык алар кылмыш жоопкерчилигине тартылып, эл соту тарабынан соттолушту. Мисалы 1941-жылы туулган гражданин Пенькин Виктор Анатольевич узак убакыт бою иштеген эмес, эмгекке орношуу жөнүндө бир нече жолу жасалган эскертүүлөрдү тооткон жок. Арам тамактык менен күн көргөндүк үчүн Фрунзе шаарындагы Ленин районунун эл соту тарабынан бир жыл эркинен ажыратууга соттолду. 1939-жылы туулган Карасева Галина Федоровна да граждандык милдетин тооткон эмес, бул үчүн сот аны эки жыл эркинен ажыратууга өкүм кылды[2].

Мына ошентип кийинки жылдары биздин республикада жатып ичерлик турмуш өткөргөн адамдарга каршы күрөш бир кыйла күчөтүлдү. Директивалык органдар тарабынан бир катар атайын токтомдор кабыл алынды. 1973-жылда эле Кыргызстан КП Фрунзе шаардык комитети эмгекчилер депутаттарынын шаардык Советинин аткаруу комитети менен бирдикте тартип бузуулардын алдын алуу боюнча партиялык, советтик, административдик жана коомдук уюмдун иштеринин перспективалуу кеңири планын бекитти, бул планда жатып ичерликти түп-тамырынан бери жол кылууга бир кыйла орун бөлүнгөн.

Бирок, жатып ичерликтин алдын алууда мамлекеттик жана коомдук уюмдардын күчү али да болсо толук даражада пайдаланылбайт. Жатып ичерликке каршы күрөштө ички иштер органдары негизги ролду ойноого тийиш. Бирок арам тамактык менен күн көргөн бекерпоздордон бүт жана толук кутулуу үчүн үй, квартал жана көчө комитеттеринин күч-аракетин жумшоо керек. Прак-

[1] «Вечерний Фрунзе», 19-август, 1975-ж.
[2] «Вечерний Фрунзе», 19-август, 1975-ж.

тика дал ушул коомдук уюмдар жатып ичерликти баарынан мыкты аныктап, ийгиликтүү жоюп жаткандыгын көрсөтүп отурат. Фрунзе шаарындагы Свердлов районунун № 37 квартал комитетинин үлгүлүү ишин алып карайлы, бул жерде жатып ичерликке, чайкочулукка, аракечтикке шыктуу адамдар үчүн келишкис кырдаал түзүлгөн. Мисалы, мында М. Алешкин зөөкүр, аракеч жана арам тамак катарында белгилүү болгон. Анын жүрүш-турушу коомдук тартиптин таяныч пункту тарабынан квартал комитетинин заседаниесинде бир нече жолу талкууланган. Оюндагысын бүт айта ала тургандай көзмө-көз кырдаалдар аны менен жекече аңгемелешүү да болуп өттү. Жардам болду! Азыр Алешкин ак ниеттүү эмгектенип жатат, спирт ичимдиктерин ашык ичкенди койду, үй-бүлөсүнө жакшы мамиле кылууда[1].

Мына ушул чаралардын бардыгы коомдук-пайдалуу эмгекке бардык эмгекке жарамдуу граждандарды тартууга багытталган. Ошону менен бирге бул чаралар коомдук-пайдалуу эмгектен баш тартып жаткан адамдар үчүн орчундуу эскертүү болуп саналат. Буга байланыштуу 60-статьяда коомдук пайдалуу эмгектен баш тартуу социалисттик коомду принциптерине, коммунисттик моралга сыйбай тургандыгы эскертилген.

Ошондой болсо да артта калган айрым жумушчулар менен кызматчылар ушул убакытка чейин прогулдарга жол беришет, эмгек өндүрүмдүүлүгүн көбөйтүү жөнүндө камкордук көрсөтүшпөйт. Прогул деген эмне? Прогул — бул бүткүл жумуш күнү бою ишке келбегендик болуп саналат. Прогульщик деп ишке мас болуп келгендерди да же жумуш убактысында бир «шишени» бөлүп ичкендерди айтышат. Эгер адам жумушка мас болуп келүүгө батынчу болсо, анда ал жумуштан тышкары убакта өзүн сөзсүз «эркин казакмын» деп сезет да «шишесин» каалаган жерде жана каалаган убакта бөлүп иче берет.

Буга байланыштуу биздин республикада 1972-жылы 29-июнда «Аракечтикке жана алкоголизмге каршы күрөштү күчөтүү боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы кабыл алынгандыгы жөнүндө эске түшүрүү жүйөлүү, анда көпчүлүк тарабынан сөгүш берүүдөн тартып алкоголизмден зордоп дарылоого жана кылмыш жоопкерчилигине чейин санкциялар каралган.

---

[2] «Советская Киргизия» газетасы, 20-июль 1975-ж.

Мисалы, коомдук жерлерде (көчөлөрдө, короолордо, подъезддерде, стадиондордо, скверлерде ж. б.) спирт ичимдиктерин ичкендиги үчүн жана коомдук жерлерге мас болуп келгендиги үчүн үч сомдон он сомго чейин штраф каралган. Штраф салуу жөнүндөгү токтом тартип бузган адам иштеген коллективге сөзсүз жеткирилет. Тартип бузгандын үстүнөн түзүлгөн материалдар иштеген жери боюнча коомдук уюмдарда же жолдоштук сотто кароо үчүн жиберилиши мүмкүн.

Спирт ичимдиктерин ашыкча ичкен жана аракечтик үчүн бир нече жолу жазаланган адам сыйлыктан, эс алуу үйлөрүнө же санаторийлерге жеңилдик путевкаларынан ажыратылышы мүмкүн, ага квартира алуу кезеги артка жылдырылып коюлушу мүмкүн.

Аракечтикке жаш өспүрүмдөрдү үйрөткөндүк үчүн мындан да катуу жаза берилет, атүгүл айыпкер беш жылга чейинки мөөнөткө соттолуп кетиши мүмкүн. Коомдук жерлерде өспүрүмдөрдүн мас жүргөндүгү үчүн ата-энелери административдик тартипте жооп беришет (штраф салынат).

Транспорт каражаттарын мас болуп айдагандык үчүн штрафтан уголовный жазага чейин жоопкерчиликтин ар түрдүү чаралары каралган. Ар кандай кылмышты мас кезинде жасоо күнөөнү оордотуучу жагдайлар катарында каралат.

Акыр-аягында, аракеч өзүнүн мүлкүн жана акчаларын башкарууга жөндөмдүүлүк жагынан чектелип попечительствого берилиши мүмкүн. Ал бир жылдан эки жылга чейин зордоп дарылоого жана эмгектик тарбиялоого жиберилиши ыктымал.

Мына ошентип аракеч менен прогульщик бири бирине жакын келет. Алар бүткүл өндүрүштүк процесске иритке салып, станоктордун, жабдуулардын бош туруп калышына алып келет, коллективге мамлекеттик планды ийгиликтүү аткарууга тоскоолдук кылат. Мунун кесепетинен өлкөгө станоктор жана машиналар, элдик керектелүүчү товарлар жана тамак-аш продуктылары кем берилет, өнөр жай, административдик имараттар менен турак үйлөр белгиленген мөөнөттө тапшырылбай калат.

Совет мамлекети эмгек тартибин чыңдоо үчүн күрөштө ар түрдүү методдорду жана баарынан мурда ынандыруу методун пайдаланып, бул үчүн профсоюздук, комсомолдук, партиялык жана башка коомдук уюмдарды тартат. Администрация дисциплинардык жазанын орду-

на эмгек тартибин бузгандык жөнүндөгү маселени жолдоштук соттун же коомдук уюмдун кароосуна өткөрүп бериши мүмкүн (Кыргыз ССРинин КЗОТунун 150-ст.)

Советтик граждандардын идеялык жактан жетилгендигинин шарттарында ынандыруу эмгек тартибин чыңдоодо чечүүчү фактор болуп саналат. Мунун өзү мамлекеттик жана коомдук уюмдар жүргүзүп жаткан бүткүл тарбиялоо иштери, коммунисттик эмгек үчүн кыймылдын кеңири өнүгүшү, социалисттик мелдеш боюнча жумушчулар жана кызматчылар тарабынан кабыл алынган милдеттенмелердин аткарылышы менен ачык-айкын ырасталып отурат.

Ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда эмгек тартибин камсыз кылууда ак ниеттүү эмгеги үчүн сыйлоолор маанилүү роль ойнойт. Аларды колдонуу жумушчулар менен кызматчылардын эмгек активдүүлүгүн мындан ары жогорулатууга, эмгектин эң өркүндөтүлгөн методдорун жайылтууга көмөк көрсөтүп, өндүрүштүн алдыңкылары тарабынан жетишилген натыйжаларга ээ болууга бардык кызматкерлерди стимулдаштырат.

Эмгек законлорунун нормалары сыйлоолордун түрлөрүн толук аныктап, аларды колдонуунун тартибин белгилейт. Мисалы, Кыргыз ССРинин эмгек жөнүндөгү закондор Кодексинин 141-статьясына ылайык эмгектик милдеттенмелерди үлгүлүү аткаргандык, социалисттик мелдештеги ийгиликтер, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулаткандык, продукциянын сапатын жакшырткандык, узак убакыт бою кемчиликсиз иштегендик, эмгектеги новатордук жана иштеги дагы башка жетишкендиктер үчүн төмөндөгүдөй дем берүүлөр колдонулат, 1) алкыш жарыялоо; 2) сыйлык берүү; 3) баалуу белектер менен сыйлоо; 4) ардак грамота менен сыйлоо; 5) Ардак китебине, Ардак тактага киргизүү.

Өзгөчө эмгек сиңиргендиги үчүн жумушчулар менен кызматчылар жогоруда турган органдарга дем берип кызыктырууга, ордендер, медалдар, ардак грамоталар, көкүрөккө тагылуучу белгилер менен сыйлоого, ардак наамдарды жана тийиштүү кесип боюнча мыкты кызматкер деген наамды ыйгарууга көрсөтүлөт (Кыргыз ССРинин КЗОТунун 144-ст.)

Ишканалар менен мекемелерде эмгек тартибин чыңдоо үчүн күрөштө социалдык-маданий жана турак жайтиричилик жактан тейлөөдө (санаторийлер менен эс алуу үйлөрүнө путевкалар, турак жай шарттарын жакшыр-

туу ж. б.) артыкчылыктар менен жеңилдиктер биринчи кезекте өздөрүнүн эмгектик милдеттенмелерин ийгиликтүү жана ак ниеттүү аткарган жумушчулар менен кызматчыларга берилүүгө тийиш экендиги жөнүндө колдонуудагы эмгек закондору тарабынан каралган эреже кеңири пайдаланылат (Кыргыз ССРинин КЗОТунун 143-ст.).

КПСС Борбордук Комитетинин, СССР Министрлер Советинин жана ВЦСПСтин 1979-жыл 13-декабрындагы токтомунда бирикмелердин, ишканалардын жана уюмдардын жетекчилерине профсоюз комитеттери менен макулдашуу боюнча жана эмгек коллективдеринин сунуштарын эске алуу менен кызыктыруу фондуларынын каражаттарын акысыз материалдык жардам көрсөтүүгө жана жекече турак үй курулушу үчүн жер участокторун бөлүп берүү жүргүзүлө турган жерлерде кооперативдик жана жекече курулушка берилген банктык кредиттин анча-мынчасын төлөөгө жумшоого уруксат берилди.

Мындай жеңилдик тийиштүү ишканада, бирикмеде же уюмда кеминде беш жыл иштеген кызматкерлерге жана мында кеминде эки жыл иштеген жаш жубайларга берилет. Эгер жумушчу жүйөлүү себептерсиз өз каалоосу боюнча бошонсо же эмгек тартибин бузгандык үчүн бошотулса, анда көрсөтүлгөн каражаттар беш жылга чейинки мөөнөттө кайтарылууга жатат.

Жазалоо чаралары, жаза берүүнүн тартиби эмгек закондоруна эч бир даражада карама-каршы келүүгө тийиш эмес. Мисалы, эмгек жөнүндөгү закондор Кодексинин 145-статьясында каралган дисциплинардык жазалардан бирөө гана берилиши мүмкүн. Атап айтканда, прогул жасагандыгы үчүн акча аз төлөнүүчү жумушка которууга жана ошону менен бирге сөгүш жарыялоого болбойт. Бирок дисциплинардык жазалардын бирин берүү менен администратор сыйлыктан ажыратуу, отпускасын кышкы мезгилге которуу түрүндө таасир этүүнүн чарасын колдонушу мүмкүн.

Дисциплинардык жазанын эң катуу чарасы иштен бошотуу болуп саналат. Кыргыз ССРинин КЗОТунун 36-статьясына ылайык иштен бошотуу жумушчу жана кызматчы өзүнүн эмгектик милдеттенмелерин жүйөлүү себептерсиз системалуу түрдө аткарбаган учурда гана, эгер ага коомдук айыптоо чаралары таасир этпеген учурда гана колдонулат. Бирок жетекчилер өздөрүнүн көңүлүнө жакпаган адамдарды штаттарды кыскар-

туу шылтоосу менен иштен бошоткон учурлар сейрек эмес. Иштен законсуз бошотуулардын дагы бир эң кеңири таралган себеби — законду, анын процессуалдык нормаларын билбегендик болуп саналат.

Мисалы, мына мындай закон жоболорун этибарга албоо көп учурайт. Белгисиз мөөнөткө эмгек договорун түзгөн кызматкер аны бузууга укуктуу, бирок бул жөнүндө администрацияны кат жүзүндө эки жума мурда эскертүүгө тийиш. Эгер ал бул иштен кеткиси келбей калса (үй-бүлө же башка кырдаалдарга байланыштуу), анда ал эскертүү мөөнөтү аяктаганга чейин өзүнүн арызын кайра алууга укуктуу, ошентип бул учурда иштен бошонуу күчүнө кирбей калат (албетте, анын ордуна башка кызматкер алынбаган болсо). Эскертүү мөөнөтү аяктагандан кийин эмгек договору бузулбаган жана кызматкер иштен бошотууну талап кылбай калган учурда да эмгек договорунун күчү улантыла берет.

«Эл чарбасында эмгек тартибин мындан ары чыңдоо жана кадрлардын бир жерге токтобой улам бошонуп кетүүлөрүн кыскартуу жөнүндөгү» токтом жана «Эмгек жөнүндө ССР Союзунун жана союздук республикалардын закон Негиздеринин 16-статьясына өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө» СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл 7-январдагы Указы иштен бошонгусу келген жумушчулар менен кызматчылар бул жөнүндө администрацияны эки жума мурда эмес, бир ай мурда кат жүзүндө эскертүүгө тийиш экендиктерин белгилешти. Мындан башка календардык жылдын ичинде жүйөлүү себептерсиз өз каалоосу боюнча иштен экинчи жолу бошонгон учурда кызматкер башка жумушка бир айдын ичинде оформить этилген учурда да үзгүлтүксүз эмгек стажы сакталбайт.

Мына ошентип эмгек закондорунун колдонуудагу нормаларын бузуу, алардын талаптарына өз билгенинче мамиле кылуу материалдык зыян гана эмес, ошону менен бирге моралдык зыян да алып келет.

Эмгек тартибин чыңдоо жөнүндөгү маселе боюнча СССР Илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институту тарабынан өткөрүлгөн теоретикалык конференцияда кызыктыруу жана жазалоо системасын колдонуунун практикасынын өзү жөнүндө айтылды. Атап айтканда сыйланып жаткан адам менен жазалоого дуушар болгон адам жана алардын жолдоштору иштин жайын билип, эң негизгиси түшүнүп, жетекчинин иш-аракети-

нин адилеттүүлүгүнө көздөрү жетсин үчүн жазаны да, ошондой эле сыйлоону да белгилүү кырдаалда ачык-айкын жарыялоонун зарылчылыгы сунуш кылынган[1].

СССР Конституциясынын 15-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 15-ст.) айтылгандай, социализмдин тушунда коомдук өндүрүштүн жогорку максатына жетишүү — адамдардын өсүп жаткан материалдык жана рухий таламдарын дагы толугураак канааттандыруу — материалдык өндүрүштүн көлөмдөрүн кеңейтүү жана өнүктүрүү, анын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн экономикалык базис болуп саналган социалисттик менчикти коргоого жана арттырууга ажырагыс түрдө байланышкан.

Ошондуктан СССР Конституциясынын 61-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 59-ст.) мындай деп айтылган: «СССРдин граждандары социалисттик менчикти сактоого жана чыңдоого милдеттүү. Мамлекеттик жана коомдук мүлктү уурдоого жана ысыраптоого каршы күрөшүү, эл мүлкүнө сарамжалдуу мамиле кылуу — СССРдин гуражданынын милдети.

Социалисттик менчикке суук колун салган адамдар закон боюнча жазаланат».

Бул статьяда ууруларлан жана элдик байлыкты уурдоочулардан социалисттик менчикти совет мамлекетинин коргоо функциясынын маңызы гана эмес, ошону менен бирге өздөрүнүн ак ниеттүү эмгеги менен коомдук байлыкты арттырууга: чыгарылып жаткан продукциянын сапатын жана ассортиментин жакшыртууга, анын өздүк наркын төмөндөтүүгө, өндүрүштүк жабдууларды, эмгек куралын сактоого жана өркүндөтүүгө советтик граждандардын милдети чагылдырылган.

Совет мамлекети ар бир гражданинге Конституциянын негизги принциптерине жана нормаларына ылайык материалдык жана рухий байлыктардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат, ал эми ар бир гражданин өзүнүн эмгеги менен социалисттик мамлекеттин жана коомдун материалдык жана маданий байлыктарын арттырып, саясий түзүлүштү социализмге кастык кылган күчтөрдүн кол салуусунан сактайт. Коомдук жана жеке таламдар ортосунда кээде талаштар боло калганда аң-сезимдүү гражданин коомдук таламдарга артыкчылык берип, анда бүткүл коомдун жана мамлекеттин жал-

---

[1] «Закон и дисциплина труда», «Известия», 1975, 1-февраль.

пы кызыкчылыгы негизделгендигин түшүнөт. Жалпы кызыкчылыкты ийгиликтүү аткарууга анын керт башынын керектөөлөрүн да канааттандыруу байланыштуу. Өз тарабынан социалисттик мамлекет жана коом ар бир совет адамы жөнүндө камкордук көрүп, анын жекече суроолоруна максимум көңүл бурат.

Мына ошентип советтик граждандар социалисттик менчикти сактап гана тим болбостон, ошону менен бирге өздөрүнүн эмгеги менен совет элинин байлыгын туруктуу түрдө көбөйтүүдө. Ошондой болсо да, мамлекетке өз эмгегин аз берип, бирок андан көбүрөөк жулуп алууга, башкача айтканда мамлекеттин эсебинен оокат кылууга аракеттенген айрым адамдар бар.

Мисалы, Ат-Башы районундагы «Коммунизм» колхозунда У. Исмаилов деген неме кассир болуп иштеп жүргөнүндө 1971-жылдан 1974-жылга чейин үч жыл бою колхоздун кассасын өзүнүн менчигиндей пайдаланып келген. Каалаган учурда жана каалаган нерсесине андан каалашынча акча алып турган. Ошондой болсо да башкы бухгалтер, колхоз башкармасы жана текшерүү комиссиясы муну байкаган да эмес, аны токтотууга чара көрүшкөн да эмес. Натыйжада мындай кайдыгерлик чарбага өтө кымбатка түштү, 42.196 сом «накта» уурдалган, мында Исмаилов мындан тышкары ар кимге жарым миллион сом карызга таратқандыгы да аныкталды.

Же Аламүдүн районунда болгон окуяны алып көрөлү. Таш-Мойнок райпосунун председатели Асанов Ичке-Суу селосунда № 26 магазиндин башчысынын кызматына Асылбекова деген немени кабыл алган. Ага көптөгөн миң сомдук материалдык байлыктарды тапшыруу менен бирге ал анын атүгүл өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтерин да текшерип көргөн эмес. Жети айча иштегенден кийин Асылбекова 7311 сом мамлекеттик акчаны уурдап качып кеткен. Ичке-Суу селосундагы магазиндин мурдагы башчысы жөн гана алдамчы экендиги тергөөдө аныкталды. Асановго окшогондордун аңкоолугунан пайдаланып ал эки фамилия алып жүргөн.

Мында майда уурдоолор жөнүндө да айтуу керек. Мисалы бир чака буудай, бир килограмм эт, бир булка нан бир пачка папирос адеп караганында болор-болбос нерсе болуп көрүнгөнсүйт. Кээде атүгүл кармалган адам наарazы болуп, мындан мамлекет кедей болуп калмак беле деп кайра актангысы келет. Ал эми ошол эле кезде майда уурдоолор жалпы жыйынтыкта материалдык

зыян келтирип гана тим болбостон, ошону менен бирге алар системалуу жана жазасыз жасалган учурда эбегейсиз зор моралдык зыяндарга алып келет[1].

Өндүрүштө майда уурдоолорго каршы күрөштө Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун «Мамлекеттик жана коомдук мүлктү уурдагандык үчүн материалдык жоопкерчиликти күчөтүү жөнүндө»[2] 1965-жыл 28-майдагы Указына ылайык администрациянын укуктары кеңейтилди, коомдук уюмдардын ролу жогорулатылды жана жоопкерчиликтин жаңы формасы — уурдалган нерсенин үч эсе наркына чейинки өлчөмдө акчалай штраф салуу белгиленди.

Мына ошентип социалисттик менчикти сактоо жана чыңдоо бул административдик органдардын, элдик контролдун, элдик дружиналардын гана эмес, ошону менен бирге бүткүл коомчулуктун, ар бир ак ниеттүү адамдын туруктуу иши болуп саналат.

Ошондуктан ар бир советтик граждандын милдети — материалдык байлыктарды чачып жок кылуунун жана бузуунун, коомдун жана мамлекеттин эсебинен оңой оокат таап алууга айрым адамдардын аракетинин фактылары менен келишпөө болуп саналат, анткени Конституция боюнча коомдук, социалисттик менчикке суук колун салган адамдар эл душмандары болуп саналат жана ошондуктан закон тарабынан катуу жазаланат.

Социалисттик менчикти уурдоочулардан коргоо, чарбасыздыкка жана ысырапкерчиликке каршы күрөш али да болсо Коммунисттик партиянын, Совет мамлекетинин милдеттеринин бири болуп калып келе жатат. КПСС Борбордук Комитети жана Совет өкмөтү социалисттик закондуулукту жана коомдук тартипти чыңдоо боюнча бир катар маанилүү чараларды ишке ашырышты. Мамлекеттик жана чарбалык аппараттын бардык звенолорунун ишинде тактыкты жана уюшкандыкты камсыз кылып, тартип бузууларды жок кылууга багыт алынды.

«Эл чарбасында укуктук иштерди жакшыртуу жөнүндө» КПСС Борбордук Комитетинин жана СССР Министрлер Советинин 1970-жыл 23-декабрдагы токтому[3] ушуга байланыштуу кабыл алынган, ага ылайык өлкөнүн

---

[1] А. М. Сатаров. Беречь народное добро «Советская Киргизия», 1975, 30 ноября)

[2] «Кыргыз ССР Жогорку Советинин ведомосттери», 1965, № 23, 78-ст.

[3] СП СССР, 1971, № 7, 1-ст.

министерстволорунда, ишканалары менен уюмдарында, мунун ичинде Кыргыз ССРинде да юридикалык кызматты түзүү жана чыңдоо боюнча чаралар жүргүзүлдү. Кийинки жылдарда республикада юридикалык кызмат сезилерлик чыңдалды, өндүрүшкө анын таасири өстү, бул таасир бүткүл чарбалык иштин натыйжаларында бир кыйла билинүүдө.

Социалисттик менчиктин түгөл сакталышын камсыз кылуу үчүн укуктук каражаттар кеңири пайдаланылып жаткан ишканаларда, уюмдарда, совхоздор менен колхоздордо элдик байлыктарды уурдоолорго каршы катуу күрөш жүргүзүлүп, чарбасыздыктан, материалдык байлыктардын уурдалышынан жана кем чыгышынан, бузулушунан болгон коромжулар минимумга чейин жеткирилгендигин практика көрсөтүп отурат. Ал эми мындай чаралар жүргүзүлбөгөн жерде растраталар жана уурдоолор боюнча өндүрүмсүз коромжулар боюнча дебитордук карыз жылдан жылга өсүп, чыгарылып жаткан продукциянын сапаты бузулат жана пландык-договордук тартип сакталбайт. Тартип бузуулардын көпчүлүгүнө башкаруу жана чарбалык аппараттын жетекчилеринин жана башка кызматкерлердин закондорду билбегендигинен жол берилип жаткандыгын анализ көрсөттү.

Ошондуктан партиянын XXV съездинде КПСС Борбордук Комитетинин Отчеттук докладында бекеринен мындай деп айтылган эмес: «Чарбалык иштерди укуктук жактан жөнгө салууну жакшыртуу үчүн да бир далай нерселерди иштөө алдыда турат. Биздин законорубуз бул жагынан продукциянын сапатын жогорулатуунун, үнөмдөө режимин сактоонун милдеттерин чечүүнү таасирлүү камсыз кылууга тийиш. Алар мамлекетти алдоонун, кошуп жазуулардын, социалисттик менчикти уурдоолордун болгон фактыларына, местничествонун көрүнүштөрүнө ж. б. каршы күрөштү дагы да натыйжалуу жүргүзүүгө тийиш.

«ССРдин гражданы,— деп айтылган СССР Конституциясынын 62-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 60ст.),— совет мамлекетинин мүдөөсүн коргоого, анын күч-кубатын жана кадыр-баркын чыңдоого көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

Социалисттик Ата Мекенди коргоо — ССРдин ар бир гражданынын ыйык милдети.

Родинага, Мекенге чыккынчылык кылуу — эл алдындагы эң оор кылмыш».

Биринчиден социалисттик Ата Мекенди коргоо — совет элинин тынчтык эмгегин, СССР мамлекетинин суверенитетин жана территориялык бүтүндүгүн сырттан кол салуудан коргоо дегендикти билдирет; экинчиден социалисттик ынтымакташтыкты ар кандай агрессиядан коллективдүү коргоо боюнча Советтер Союзу жана башка социалисттик өлкөлөр — Варшава Договорунун уюмунун катышуучулары тарабынан алынган белгилүү милдеттенмелерди аткаруу дегендикке жатат; жана эң акырында СССРдин жана социалисттик ынтымакташтыктагы өлкөлөрдүн чек араларынын туруктуулугун камсыз кылууну гана эмес, ошону менен бирге жер шарынын каалаган районунда империализмден келтирилип жаткан согуштук коркунучка дагы да натыйжалуу карама-каршы турууну талап кылат.

Социалисттик Ата Мекенди коргоону бүткүл элдин иши катарында кароо менен жаңы Конституция бардык мамлекеттик жана коомдук уюмдарды, СССРдин бардык граждандарын СССРдин коргонуу күч-кубатын чыңдоого активдүү катышууга багыттап, социализм өлкөсүнүн Куралдуу Күчтөрүн бардык зарыл нерселер менен жабдуунун маанилүүлүгүн баса белгилейт.

Буга байланыштуу жана СССР Конституциясынын 63-статьясына ылайык СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн катарында кызмат өтөө — советтик граждандардын ардактуу милдети болуп саналат.

Жалпыга бирдей аскердик милдет дагы бир конституциялык эрежеден органикалык түрдө келип чыгып отурат, бул Ата Мекенди коргоо милдети жөнүндөгү эреже. Көрсөтүлгөн жоболор СССР Конституциясынын 31-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 29-ст.) жана «Жалпыга бирдей аскердик милдет жөнүндө» СССР Законунун кириш сөзүндө так чагылдырылган.

Ата Мекендик коргоо боюнча СССР граждандарынын конституциялык милдети ар түрдүү формаларда ишке ашырылышы мүмкүн: аскердик кызмат өтөө (граждандардын белгилүү контингенти үчүн); душмандын тылында өкмөттүн атайын тапшырмаларын аткаруу (согуш мезгилинде); партизандык кыймылга катышуу (өлкөнүн территориясынын бир бөлүгүн душмандын оккупациялашы убагында); социалисттик Ата Мекендин күч-кубатын, анын коргонуу, экономикалык, илимий жана маданий потенциалын арттыруучу ар бир эмгекке жарамдуу граждандын кайраттуу эмгеги (тынчтык убагын-

да да, согуш убагында да); социализмдин негиздерин бүлдүрүү боюнча эл аралык империализмдин шимшүүлөрүн ашкерелөөдө саясий кыркаакылык жана активдүүлүк көрсөтүү ж. у. с.[1]

Граждандар тарабынан өздөрүнүн ыйык милдеттеринин аткарылышынын — Ата Мекенди коргоонун негизги формаларынын бири болуп жалпыга бирдей аскердик милдет болуп саналат. Анын мазмуну бул: аскер кызматын өтөө жана Ата Мекенди коргоого байланыштуу социалдык милдеттин дагы башка формаларын аткаруу бойго жеткен жана ден соолугунун абалы боюнча тийиштүү функцияларды ишке ашырууга жарамдуу бардык советтик граждандар үчүн милдеттүү жана кыйшаюусуз аткарыла турган закон. Азыркы убакта аскерге чакыруунун мөөнөтүн кийинкиге калтырууга закондо түздөн-түз көрсөтүлгөн учурларда гана жол берилет.

Советтер Союзунда улуттардын теңсиздик абалы биротоло жоюлду, мунун өзү капитализм жок кылынып, социализм жеңгенден кийин гана мүмкүн болду. Кайсы гана улутка таандык болбосун брдык советтик граждандар өз өлкөсүнүн тең укуктуу кожоюндары болуп саналат.

Социалисттик демократияны өнүктүрүүнүн тажрыйбасына, СССРде улут маселесин адилеттүү чечүүнүн практикасына негизденүү менен СССР Конституциясынын 64-статьясы (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 62-ст.) башка граждандардын улуттук беделин урматтоо, көп улуттуу Совет мамлекетинин улуттарынын жана элдеринин достугун чыңдоо — СССРдин ар бир гражданынын ыйык милдети экендигин закон тартибинде бекемдейт.

Башка республикалардагы сыяктуу эле биздин республикада да тигил же бул адамдын ролу, практикада анын кадыр-баркы анын улутуна, кайсы тилде сүйлөгөнүнө жараша аныкталбастан , анын эмгекке болгон мамилесине, жалпы ишке жеке киргизген салымына, коммунизмди куруунун милдеттерин ишке ашырууда анын көрсөткөн активдүүлүгүнүн даражасына жараша аныкталат.

Өнүккөн социализмдин шарттарында социалисттик бирге жашоонун нормаларын жана эрежелерин ар кан-

---

[1] Б. В. Шетинин. Проблемы теории советского государственного права. М., 1974, 281-бет.

дай бузууларга совет адамдарынын келишпөөчүлүгү улам өсүүдө. Мына ушундай тартип бузууларга каршы күрөш ар бир граждандын ыйык милдетине, бүткүл элдик ишке айланып бара жатат. Закондордун бузулушунун жана кылмыштардын алдын алууда укук сактоо органдарына совет адамдарынын көрсөткөн жардамын улам толук жана натыйжалуу пайдалануу зарыл.

Буга байланыштуу СССР Конституциясынын 65-статьясында СССРдин граждандары башка адамдардын укуктарын жана закондуу таламдарын урматтоого, коомго жат жорук-жосундарга келишпес болууга, коомдук тартипти сактоого бардык чаралар менен көмөк көрсөтүүгө милдеттүү экендиги белгиленген.

Коммунисттик партия жана Совет мамлекети эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоо маселелерине зор маани берет. СССР Конституциясынын 66-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 64-ст) СССРдин граждандары балдарды тарбиялоого камкордук көрүүгө, аларды коомдук пайдалуу эмгекке даярдоого, социалисттик коомдун татыктуу мүчөлөрү кылып өстүрүүгө милдеттүү деп айтылгандыгы бул иштерди кеңири кулач жайдыруу үчүн демилге болуп саналат.

Мындай формула бизден эмгекке тарбиялоонун кесиптик ориентациясынын жаңы, дагы да натыйжалуу формаларын издеп табууну талап кылат. Мына ушундай ойдогудай табылган нормалардын бири болуп жогорку класстагылар үчүн окуу-өндүрүштүк цех эсептелет, бул жерде мектеп окуучулары коомдук пайдалуу иштердин тажрыйбасын топтоп, өз алдынча турмуш жолуна түшүүгө даярданышат. Мунун өзү аларга мектепти бүтүргөндөн кийин шаан-шөкөттөрдүн артынан кууп бекерпоздук кабыл көңүлүнө жаккан ишин таап, тез эле өз ордун таап алууга жардам берет.

Биздин турмушубуздун эң сонун көрүнүшүнө айланган насаатчылык кесиптик чеберчиликти, адептүүлүк жана идеялык такшалууну жогорулатуунун дагы бир эң натыйжалуу формасы болуп саналат. Ал жаштарды аталарынын татыктуу мурасчылары кылып тарбиялайт, бул кыймылга мамлекеттик маани берип, эмгек коллективдеринин жетекчилерин тартипке чакырат, анткени аларга насаатчылардын өздөрүнүн иштеринин натыйжалуулугу жана сапаты көп жагынан байланыштуу.

Биздин коомубуздун жогорку моралы карылыкты урматтоону, карыган адамдар жөнүндө камкордук кө-

рүүнү талап кылат. Ошондуктан балдары ата-энелери жөнүндө камкордук көрүүгө жана аларга жардам берүүгө милдеттүү экендиги жөнүндө 66-статьяга толуктоо киргизүү эң маанилүү болуп саналат.«Мына ушундай толуктоо жөнүндө сунуш өтө карыган жаштагы адамдардан гана эмес, ошону менен бирге көптөгөн жаш адамдардан да алынгандыгы өзгөчө кубанычтуу экендигин белгилеп кетким келет» — деп айткан Л. И. Брежнев СССР Конституциясынын (Негизги Законунун) долбоору жана аны бүткүл элдик талкуулоонун жыйынтыктары жөнүндө сүйлөгөн сөзүндө (1977).

Граждандардын укуктары, эркиндиктери жана милдеттери жөнүндөгү статьялардын жана жоболордун мазмунуна канчалык терең кирип барсаң биздин сүйүктүү Мекенибиздин, анын эбегейсиз зор иштеринин улуулугун ошончолук зор сыймыктануу менен сезесиң.

Биз үчүн табигый жерлер өтө кымбат жана өтө жакын, ошондуктан эч бир жүйөлүү себептерсиз тап-тынакай токойчуну дүмүрү менен кошо жулуп таштаганын же бир кездерде мыкты багылган мөмө багын какырга айландырышкан көрүп жаның ачыйт. Ал эми ошол эле кезде токой тилкелерин жолдордун боюна, жарларды айланта ыңгайсыз жерлерде өстүрүүгө, талаа шыйпандарын жана мал чарба фермаларын ж. б. жашылдандырууга болор эле. Ошондуктан ар бир граждании туулуп өскөн жерлерди асылдандырууга колдон келген салымды киргизүүгө милдеттүү.

Буга байланыштуу СССР Конституциясынын 67-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 65-статьясында) СССРдин граждандары жаратылышты сактоого, анын байлыктарын коргоого милдеттүү экендиги бекемделген.

Советтер Союзунда тарыхтын, архитектуранын, археологиянын, монументалдуу искусствонун ондогон миң эстеликтери бар. Совет мамлекети маданий мурастар жөнүндө дайыма камкордук көрүп келген жана азыр да ушул лениндик традицияны колдоп келе жатат.

Эстеликтерди коргоонун маанисин күчөтүү үчүн СССР Конституциясынын 68-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 66-статьясында) тарых эстеликтерин жана башка маданий байлыктарды сактоо камкордугу — СССРдин граждандарынын ыйык иши жана милдети экендиги жөнүндө жобо белгиленген.

Коммунииздин материалдык-техникалык базасын тү-

зүү, социалисттик коомдук мамилелерди өркүндөтүү жана аларды коммунисттик коомдук мамилелерге кайрадан түзүү, коммунисттик коомдун адамын тарбиялоо, эмгекчилердин материалдык жана маданий турмуш деңгелин жогорулатуу жөнүндөгү милдеттерди чечүү менен бирге өнүккөн социализм өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылат, тынчтыкты чыңдоого көмөк көрсөтүп, эл аралык кызматташтыкты өнүктүрөт.

Буга байланыштуу СССР Конституциясынын 69-статьясында (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 67-ст.) СССР гражданынын интернационалдык милдети катарында башка өлкөлөрдүн элдери менен достукту жана кызматташтыкты өнүктүрүүгө, жалпы тынчтыкты сактоого жана чыңдоого көмөк көрсөтүү милдети бекемделген.

Мына ошентип милдеттерди аткаруу мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын, эмгек коллективдеринин жана коомдун ар бир мүчөсүнүн жогорку уюшкандыгын, тартиптүүлүгүн талап кылат.

«Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө КПСС Борбордук Комитетинин токтомунда мындай деп белгиленген: Социалисттик демократия—бул укуктар менен милдеттердин, чыныгы эркиндик менен граждандык жоопкерчиликтин бирдиктүүлүгү, коомдун, коллективдин жана жеке адамдын таламдарынын ырааттуу айкалышуусу болуп саналат»

Демек советтик адамдардын укуктарынын жана милдеттеринин бирдиктүүлүгү, аларды активдүү пайдалануу жана кыйшаюусуз аткаруу биздин коомубузду мындан ары демократиялык өнүктүрүүнүн, коммунизди ийгиликтүү куруунун зарыл шарты болуп саналат.

## КОРУТУНДУ

Негизги укуктар менен милдеттердин мүнөзүн жана мазмунун эркиндик жөнүндө марксисттик-лениндик илимдин негизинде кароо керек. Укуктар менен милдеттер адамдардын жүрүш-турушун жөнгө салуунун куралы болгондуктан коом, мамлекет же кандайдыр бир башка социалдык коллектив тарабынан белгиленет. Мына ушундан алардын мазмуну, көлөмү, ар түрдүү социалдык топтор ортосунда чыныгы бөлүштүрүлүшү бүт бойдон коомдун жана мамлекеттин тарыхый тибине байланыштуу болот.

Коомдун жана мамлекеттин өнүгүшүнүн ар бир этабына граждандардын укуктары менен милдеттеринин белгилүү системасы туура келип турган. Капитализмден социализмге өтүү мезгилинин, кулатылган эксплуататордук таптардын айыгышкан каршылык көрсөтүшүнүн, контрреволюциячыл саботажды уюштуруунун сансыз фактыларынын, антисоветтик заговорлордун жана козголоңдордун шарттарында Советтик Конституция «айрым адамдарды, айрым топторду укуктардан ажыраткан, анткени бул укуктар алар тарабынан социалисттик революциянын таламдарына зыян келтирүү үчүн пайдаланылып келген» (1918-жылдагы РСФСР Конституциясынын 23-статьясы.). Мисалы ал кезде конкреттүү-тарыхый шарттар Конституцияда гарантияланган эмгектенүү укугун, жалпыга бирдей шайлоо укуктарын берүүнү белгилөөгө мүмкүндүк берген эмес. Колуна курал алып революцияны коргоонун ардактуу укугу эмгекчилерге гана берилген болучу, ал эми эмгекчил эмес элементтерге башка аскер милдеттерин аткаруу жүктөлгөн. Анда да «иштебеген тиштебейт» деген принцип жазылган болучу.

Социализмдин жеңишинин натыйжасында советтик граждандардын ар бирине кеңири конституциялык укуктар жана эркиндиктер берилди. Ал эми өнүккөн социализмдин мезгилинде негизги укуктар жана эркиндиктер жөнүндөгү статьялардын тизмеси бир кыйла кеңейди. Мисалы, эгер 1936-жылдагы Конституцияда советтик граждандардын укуктары менен эркиндиктери тогуз жерде гана айтылган болсо, атап айтканда — эмгектенүү укугу, эс алуу укугу, билим алуу укугу, карыганда, ошондой эле ооруп калган жана эмгекке жарамдуулугун жоготкон учурда материалдык камсыз болуу укугу, турак жайга эч кимдин тийбестигинин укугу, коомдук уюмдарга биригүү укугу, динди тутуу же тутпоо эркиндиги, басма сөз, чогулуштар жана митингдер эркиндиги, ошондой эле көчөдөгү жүрүштөр жана демонстрациялар эркиндиги айтылган гана болсо, эми 1977-жылдагы СССРдин жаңы Конституциясында алардын саны жыйырмага чейин өстү.

Атап айтканда, жогоруда айтылган укуктар менен эркиндиктерге кесипти тандоо укугу, ден соолукту коргоо укугу, турак жай укугу, маданияттын жетишкендиктеринен пайдалануу укугу, илим, техника жана көркөм чыгармачылыгынын эркиндиги, мамлекеттик жана коомдук иштерди башкарууга катышуу укугу, мамлекеттик

органдарга жана коомдук уюмдарга алардын иштерин жакшыртуу жөнүндө сунуштар киргизүү, иштеги кемчиликтерди сынга алуу укугу, үй-бүлөнүн мамлекет тарабынан корголушунун укугу, өмүргө жана ден соолукка, мүлккө жана адамдын керт башынын эркиндигине, ар-намысына жана кадырына кол салуулардан соттук корголуу укугу, кызмат адамдарынын иш-аракеттерине даттануу менен мамлекеттик органдарга жана коомдук уюмдарга кайрылуу укугу, мамлекеттик мекемелердин жана коомдук уюмдардын, ошондой эле кызматтык милдеттерин аткарууда кызмат адамдарынын законсуз иш-аракеттери менен келтирилген зыянды закондо белгиленген тартипте жана чекте төлөттүрүп алуу укугу сыяктуу жаңы укуктар менен эркиндиктер кошулат.

Буга байланыштуу Советтик Конституция тарабынан укуктардын жана эркиндиктердин берилиши жынысына, улутуна, партияга тиешелүүлүгүнө, мүлктүк абалына, өткөн иштерине карабастан бардык советтик граждандарга колдонулат. Кеп граждандардын кээ бирлери үчүн кандайдыр бир артыкчылык берүүгө жана экинчи бирлеринин укугун чектөөгө жол берилбестиги жана тең укуктуулук жөнүндө болуп отурат. Буга байланыштуу закон алдында граждандардын тең укуктуулугунун жалпы принцибин, ошондой эле советтик граждандардын улуттук-расалык тең укуктуулугун белгилөөчү СССР Конституциясынын 34, 36-статьяларынын (Кыргыз ССРинин Конституциясынын 32, 34-статьялары) мазмуну граждандардын негизги демократиялык укуктарын жана эркиндиктерин, ошондой эле негизги милдеттерди белгилөөчү жана жалпысынан СССРде жеке адамдын укуктук абалын аныктоочу Конституциянын башкы статьяларынын мазмуну менен терең жана тыгыз өз ара байланышта болот.

**МАЗМУНУ**

КИРИШ СӨЗ . . . . . . . . . . . . . . 3
Советтик граждандардын конституциялык укуктары, эркиндиктери жана милдеттери . . . . . . . . . . . 11
§ 1. Советтик граждандардын негизги укуктары . 13
§ 2. Советтик граждандардын демократиялык эркиндиктери . . . . . . . . . . . . . 37
§ 3. Советтик граждандардын негизги милдеттери 46
Корутунду . . . . . . . . . . . . . . 64

Конституция СССР —
основной закон нашей жизни

Тургунбеков Рафик

РОЛЬ СОВЕТСКОЙ КОНСТИТУЦИИ
В ПРАВОВОМ ВОСПИТАНИИ ГРАЖДАН

(На киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Редактор Ы. Элакунов
Худ. редактор А. Ерошенко
Тех. редактор Ж. Хен
Корректору Ж. Байсеркеева

ИБ № 1508

Терүүгө 31.10. 1980-ж. берилди. Басууга 22.01. 1981-ж. кол коюлду. Д—02327. Кагазы типографская № 1. Адабий ариби, жепекей ыкма менен басылды. Форматы 84х108 1/32 2,125 физ. басма табак, 3,57 шарттуу басма табак. 3,602 үчеттук табак. Тиражы 2000. Заказ № 2784. Баасы 10 т.

«Кыргызстан» басмасы
720021, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616. ГСП, Фрунзе шаары, Караганды көчөсү, 72.